Кыял ТААЖЫ

# С Е З И М Б И Й
## ырлар

Бишкек - 2026

УДК 921.512.154-1
ББК 84(5Кир)-5
Т12

**Таажы К.,**
Т12 «Сезимбий ырлар» - Б.: 2026. - 146 б.

ISBN 978-9967-9683-9-4

«**Сезимбий**» — акын Кыял Таажынын чыгармачыл тажрыйбасы жетилген, терең ойго жана ички сезимдерге бай ырлар жыйнагы. Бул китепте адам жанынын назик абалдары, сүйүү менен санаа, өмүр жана тагдыр поэтикалык тилде берилет.

УДК 921.512.154-1
ББК84(5Кир)-5

ISBN978-9967-9683-9-4

©Кыял Таажы, 2026

***

Ыр, ыр, ыр, ыр!
Келчи мага келер күндөн кечикпей,
Дүйнөм - күтүү, кыйч, кыйч желге,
жабылбаган эшиктей.
Келгенден соң кетип калба
Кезикпей...
Жазыл, жазыл, жазыл өзүң,
Сен атайын жазылба!
Сенин баардык кылыгыңа чыдайын.
Мейли бир күн кокус келгин,
Шатыр-шатыр төгүп ийген
жаандай жакшы жашытып,
Мейли кейит,
кокус келген бурганактай
кара жанды ачытып.
Мейли табыл,
Табияттын табы менен
Тоо боорунда өсүп калган гүлдөрдөй,
Таңы укмуш тамашалуу,
Так секирген күндөрдөй.
Жазыл, жазыл, өзүң жазыл,
Сен атайын жазылба!
А мен сенин кандай болсоң
Ошо бойдон азабыңды көтөрөм!
Бир өтүнүч,
Ушул майрам өмүрдө
Сенден болсо көшөгөм.

## Сага

Бийик жерге чыга бергим келчү эле,
Сени көрдүм, ошол эңсөөм тарады.
Биз эргиген, мээ сергиген кезде бир
Балким дүйнөм бийик жайдан карады.

Толкунуна тоодой дүйнөм кирингeн,
Деңиз күүсүн келер эле тыңшагым.
Азыр кайда? Аны деги эстебейм
Балким коңур үнүңдөн көп тыңшадым.

Өзүмө-өзүм «Кандай болгон күндө да
Ааламды бир айланып чык!» - дечүмүн.
Азыр баргым келбейт десең эч жерге
Сенден таптым окшойт баарын, сезимим.

Окторулган жүрөк батпай эч жерге,
Отун уурдап кетким келчү теңирдин.
Чакырганың балким сактап келатат
Ортосуна өлүм менен өмүрдүн...

*2022-ж.*

***

Күү чертилип турат сенин дүйнөңөн.
Токтотпочу, тыңшап турам дагы эле.
Шоокумуңан моокум канат ушунча
Сенин жаның деги эмненин жаны эле?

Адам эмес, адамдан да башкача,
Ыр куюлат, сыр туюлат денеңен.
Бир серпилип караганда кадалып
Козголгонун карачы бүт делебем.

Сезимиңде акыл-эсим жетпеген,
Жанар сыңар бир касиет оргуштайт.
Көңүл эргип көтөрө албай баратам
Сени эмнеге ушундайың коркутпайт?..

*6.08.2022*

***

Билем сени, борошолоп бүтпөгөн,
Суугу сырдуу бороондогон жансың да.
Кызуу жүрүш, кызуу турмуш сеники
Сен мендиксиң, бир жакшысы барсың да.

Ыр кеседей бизге келген бул өмүр,
Ырыскысын берди  дагы, алдырды.
Сезимиме өрт түшкөндөй кыйналдым
Чагылгансыз төккөн жамгыр жамгырбы?

Сени кектеп, ыйлап, күйүп, жек көрүп,
Сен үчүн мен тилдеп көрдүм теңирди.
Күлкү-шаңды бердим сүйбөс жандарга
Сен деп ыйлай албас өмүр өмүрбү?

Көздөрүңдө көөнө жашоо, көңүлдүү,
Менден бөлөк көрө албайт да, туя албайт.
Ошол үчүн менин дилим акылсыз,
Бу жалгандын жамалынан уялбайт.

Сен жакшы эмес, ооба, мен да жакшы эмес,
Бир сөз үчүн бүлүк түшүп жинденген.
Чачып, чачып, чачып салдык дүйнөнү
Мен чын эле, сен чын эле сүйгөндөн.

*03.05.2022.*

***

Батыштан булут баскан күн бата элек,
Мен ушул мунарыкка көнүп алдым.
Бүт дүйнө, бүтүн аалам бир сен гана.
Сен анан жок болооруң эстеп алып
«Мени не кыласың?» деп муңаясың,
Дайыным, эми ошону билсем кана?

Эске бир келбегендей жорук баштап,
Жүрөгүң сени таштап, мени көздөй
Жүгүрүп келаткансып ыйлап алам.
Жанды эзип, жалын алат бүт денемди
Ушул ый - мага жашоо, билесиңби,
Ушунча бакыт менен  кайда барам?

## Бизди билбей жоготуп албасын деп...

Арылтып азаптардан буюктурган,
Сезимдер көкүрөктө уюп турган,
Бийик бир жай бар эле ортобузда
Жалгандын жалгандыгын унуттурган.

Эреркөө, эргүү менен жаралгандай,
Сезилээр эле башка калаам бардай.
Көкүрөк ишенимдүү кулаар эле
Деңизге дили менен таянгандай.

Чайынаар эле жүрөк жанды жыга,
Чаңкаган сезимдердин жамгырына,
Бизди билбей жоготуп албасын деп
Кудай катып койдубу сандыгына?..

***

Жакшылык күтпөй гана
Жадырап, жанымды эзип жакшы көрдүм.
Унчукпай улутунуп,
Эрдимди тиштегенге жакшы көндүм.
Мени эми эмнегедир
Сүйүнтө албайт дагы,
Ыйлата албайт дагы
Жаман да, жакшы кебиң.
Жакшылык күтпөй гана
Жөн гана келе берет
Жанымдай жакшы көргүм.

## Сезимге

Ак кепинге ороп туруп тирүүлөй,
Сезимим, мен сени көмдүм асманга.
Маңдайымда турат бопбош табытың
Мен турмушка тизе бүгүп жатканда.

А сен үчүн дүйнөгө укмуш суук түшүп,
Ооба, сен деп кара жер да жарылды.
Анан эмне, оңой бекен өчүрүү
Кудай берген жүрөктөгү жалынды?!

Ыр да кетти, ый да кетти сен менен,
Ооба, дилим эш тутту эле сени эле.
Сагын акын мени карап жылмайып,
“Үй-бүлөлүү акын болбойт” - деди эле...

*13.03.23.*

## Сүйүү анты

Сен эч качан күтпө менден жакшылык,
Ооба ошондой, жакшы деле эмесмин.
Ошол үчүн мен адамды азгырып,
Жан жасаган бир ааламга теңештим.

Сен эч качан күтпө менден жакшы сөз,
Билбейм чыны сөздүн жакшы-жаманын.
Сен жыгылдың, айта албадым эч нерсе
Мен жөн гана жүрөгүмдөн таядым.

Сен эч качан күтпө менден чоң жардам,
Мен чынында өзүмчүлмүн өлгөндөй.
Унутчаагын билесиңби бул жалган?
Танып кете берем сени көмгөндөй.

Сен эч качан күтпө менден эч нерсе,
Керек кезде өзүм келем айттырбай.
Эгер атым жаныңды жеп эскерсе
Жүрө берем, жүрө берем таптырбай.

Сен эч качан ысымымды атаба,
Ал үчүн көп керек болот көз жашың.
Сен жөн гана мени билбей жаша да,
Мага тапшыр тагдырыңдын көч башын.

Сен эч качан караанымды издебе,
Көрө албайсың, а мен түзсүз элесмин.
Издөө эмне, күтүү эмне билбеймин
Анткени мен сенден кеткен эмесмин.

***

Кандай гана баёо болгом, ишенчээк,
Дүйнө мага жайы-кышы жаз эле.
Бир серпилдим, бир талпынып сүйүүгө
Мен сезимди таппай калдым бат эле.

Жүрөгүмдүн күлүн көккө сапырып,
Бир кайгырбай басып кетти махабат.
Адам болгон үчүн аман калдым го
Башка жандык билбейм кантип жашамак?

Азыр турмуш мага супсак, бозомтук,
Ажарымдан өчтүү күлкү жаңырат.
Жанды кыйнап сүйрөп жүрөт денемди
Өмүр мага өз сүйүүсүн таңуулап.

Тыкылдатса жүрөгүмдү бирөөлөр,
Ачып коем кире алышар бекен деп...
Кирсе кирет шуулдаган суук бороон
Кире алышпайт калгандары «кесел» деп...

Мага келген сүйүнүчтөр а бүгүн,
Дайым көөнгө жетпейт дагы, ашык да.
Жанды эргитип, төбөсүнө көтөргөн
Алдай албай калды мени бакыт да.

*19.01.2024.*

***

Билесиңби ыйыктыкта ый барын?
Кечир, сенин чындыгыңа сыйбадым.
Бүлүк түшүп күнөө издебе сүйүүдөн
Ушул менин диним дагы, ыйманым.

Адам өзү жасап алып теңирин,
Акылына жүк кылганда өмүрүн.
Азап түшүп калса керек алдына
Жашоо үчүн тепсеп турат көңүлүн.

Чындык жүрөк менен гана жашалат,
Жүрөгүңдү сүйүү гана ача алат.
Кыянаттык кыла берүү сезимге -
Жараткандын дал өзүнө акаарат.

***

Жоголгон мени көрдүм көздөрүңөн,
Опоңой, оңой гана кулап түшкөн
Көз жаштай тоголонуп бара жатам,
Түшөөр жер көкүрөгүң болсо кана?
Көңүлүм ансыз деле урап бүткөн.
Жар ылдый күм-жам болоор күнүн билип,
Жабыккан жаным ыйды ээрчип кетти.
Сага да, мага дагы керек сезим
Негедир эс-мас болуп тентип кетти...
Мен мына, мейли ташта асманыңды,
Бир гана үнсүздүккө камабачы.
Кайдыгер жүзүң - мага кансыз согуш
Канатым сынса мейли, аябачы.
Бирдеме дечи мага,
Суранам,
Кароосуз таштабачы көңүлүмдү.
Мен жашай албайм сенсиз,
Сен менден сени алаар болсоң анда
Ала кет биротоло өмүрүмдү!

***

Канча ирет жүрөгүмдү кирдеген,
Жууп-чайкап күн жедирип кургаттым.
Суу түбүнө чөгүп кетсем бекен ээ?
Азабы өттү ушул ыксыз ыргактын.

Үмүт берип, өчөт кайра жылдызың,
Анда неге ала салып күрөштүң?
Эми мага калган өмүр баары бир
Кереги эмне сүйгөнү жок жүрөктүн?

Аркы өмүр кабыл алат бекен же,
Сүйүү үчүн жанын кыйып барганды?
Бул дүйнөдө эң бир азап кутулгус -
Жашап калуу жакшы көрүп арманды...

Көз жашымдан гана күтүп жардамды,
Ыйлай алган жүрөгүмдү пир тутам.
Балким бакыт көз жаш чыгар ушундай
Махабатым, сен аман бол бир ууртам!

Күйүп, күйүп, күйүп түштү баарысы,
Ошол ирмем, ошол мезгил, ошол жыл,
Отко күйбөс сүлүм калды колуңда
Эми мени эмне кылсаң ошо кыл.

***

Артта калган бир сүйүүнүн элесин,
Жонуңа артып көтөрүнүп келесиң.
Бирок аны мага ыраа көрбөйсүң
А сен аны билбейм кимге бересиң?

Унчукпай да, укпай, көрбөй, туйбай да,
Билбей туруп толкуттуң да жүрөктү.
Сага кайдан берип жүрөт кудурет,
Мына ушундай үнсүз, кансыз күрөштү.

Гүлдөн дагы, Күндөн дагы күтпөгөн,
Кудуреттүү, куну күчтүү жүк менен,
Кирпигимди өйдө тартып карасам
Дирилдеги басылбады бүт денем.

Мейли, жүрөк жанды жанчып кыйнасын,
Мейли, дилим сүйүү үчүн ыйласын.
Баарын алсын, баарын кылсын бу тагдыр,
Бу дүйнөдө сезимди кор кылбасын.

***

Өмүрдү беттеп чуркап бара жаткан,
Сеңселген маңдайымда чачтарымды
Учурган шамал болуп кездешкеним.
Дирилдеп эпкиниңе
Дилимди төшөй салып, делбектедим.
Суранам,
Токтотпо шамалыңды,
Токтотпо бороонуңду!
Бир гана сенин чыдап азабыңа
Жакшына жашай алсам керек менин.

***

Аалам, дүйнө жөнүндөгү ойлорум,
Сени менен башталып,
Сени менен аяктайт.
Таң калычтуу
Муну сенден
Эч кимиси талашпайт...

Бул жашоонун өзөгү да сенден турат шекилдүү.
Бүтүн доорлор кучагы да
Сиңип кеткен тулкуңа.
Күлө карап койгонуңда бир жашоо
Кайра көчүп келген өңдүү
Көчтөгүлөр журтуна.

А мен сени кучактасам,
Бүтүн дүйнө калганындай биригип,
Согуш токтоп, элдер келип эсине
Ыймандары кеткениндей тирилип,
Тынчый түшөт жүрөгүм.

Балким биздин кездешүүбүз,
Өткөн менен келечекти
Бириктирип салгандыр.
Биз бар үчүн
Ушул дүйнө
Бир өлүмдөн калгандыр...

Билесиңби,
Сенин секин жүрөгүң -
Мээлүүн жайлоо,
Ичинде өмүр шарактайт.
Жалгандан тыш ушул дүйнө
Балким, балким
Сени менен башталып,
Мени менен аяктайт?!

*02.03.2025.*

***

Жолуккум келет десең,
Сүйүшкөн адамдарга.
Чыныгы өмүр жалгыз ушуларда!
Көңүлү бошобой эч жакшылыктан,
Эзилип, эзилип бир каткырышкан.
Аларды Күн башкача карап турат,
Оо алар өздөрү ушу билип-билбей
Дүйнөнү ийинге алып, таяп турат.
Жолуксам, мага дагы,
Билемин бир ойлонбой кучак толо
Кармата салчу жерде аруулукту.
Оо ошол аларга эми жаңылыкпы?
Түгөнбөйт, кемибейт да, кейибейт да,
Чайпалса толкудум деп ойлойт анан,
Төгүлсө, балкыдым деп коет аган.
Түгөнсө, билет кайра башталаарын,
Жүрөгү азыр баарын башкараарын.
Жоктон бар жасай алат,
Барды жок кылууга анын чамасы жок.
Аларга азыр
Күн менен түндүн дагы,
Ак менен каранын да арасы жок...

Бүт аалам бул экөөнө карыз окшойт...
Жолуксам дедим эле,
Сүйүшкөн адамдарга...

*22.02.2025.*

***

Кайдасың?
Барсыңбы бу дүйнөдө, бир орунда?
Болгонуң үчүн тирүү
Айланып жатса керек жер огунда.

А анан каяктасың?
Эмнеге көрүнбөйсүң?
Азабың жеп бүткөндөй болдум эле.
Издеген адатка да тойдум эле.

Эми айтчы кай жазыгым?
Кай күнөөм үчүн жаным ала салат?
Эмнеге сенин ушул
Тоң моюн, тоң мүнөзүң
Жалбарган жалынымды жара чабат?

Сени жок дедим канча
Жүрөктү миң алдадым, ынабады.
Баш ийбей койду сезим
Аскадай бийигинен урабады.

Сени бар дейин десем,
Күн батат, эртеңкиге калбагыдай,
Сени жок дейин десем,
Күн чыгат сен баягы бардагыдай...

Көздөрүң жакшы эле!
Калп айта албай жакшы карар эле.
Сөздөрүң жакшы эле!
Мен уккум келген жерин табар эле.
Колдоруңчу...
Колдоруңан
Төгүлүп турар эле
Укмуш мээрим.
Ыпысык маңдайыман сылаганда,

Олтурар элем билбей
Эмне дээрим.
Жалындап кетер эле
Бүт денем
От тийгендей.
Мүрт кетким келээр эле
Ок тийгендей...

А азыр
Аттанып күндүн өзү келсе дагы,
Жүрөгүм өрт алганга чамасы жок.
Мага азыр
Күн менен түндүн дагы арасы жок.
Баары бир болуп гана басып жүрөм.
Сен деген ойлорумду
Моюндан кармап туруп,
Мыкаачыдай
Өлтүрүп туруп өзүм колум менен,
Ажалдын салаасына асып жүрөм.
А анан
Кайра-кайра
Күн менен кошо чыгып,
Тирилип келет десең,
Сезимим
Мурдагыдан күчтүү болуп,
Мен анын көзүнө тик карай албай
Өзүмөн өзүм минтип качып жүрөм.
Ушунча кыйын болуп барат мага,
Сенсиз мен...
Сенсиз мени кудай алсын.
Кайдасың?
Бар болсоң бу дүйнөдө
Үн катып койчу, жаным бир жай алсын.

***

Мен сени көрдүм дагы,
Мен кайра жалгыз калдым бул дүйнөдөн,
Кудайга жетпептир да андагы үнүм.
Эч башым жетпей койду
Сен үчүн ушунча азап чеккениме,
Мен кайсы бакыт үчүн кеткениме...
Ишенбейм мени эстебей койгонуңа.
Мен ушу үмүткө эч тойбодум аа?
А ооба
Өзүмдү алдагандан жалкыбадым
А бирок, анымдан эч жаркыбадым...
Өлгүсү келип күндө
Бой түзөп барат дүйнөм,
Бой түзөп барат үмүт,
Ажалга макул болот, билгеним жок,
Антсе да, а мен ага тийгеним жок...

Билемин, сезим өлбөйт, жаралган соң.
Тирилет!
Билем, бир күн кайтып келет!
Түбөлүк экендигин бир күнү эстейт,
Куурагыр, биз турганда кайда кетмек?..

## Жооп

Канча сөзүң жүрөгүмө тийди эчен?
Баары ичимде - тилдесем да, кирдесем.
Кимге кине коет элем жарыгым
Сен мен үчүн серпилгенди билбесең?

Жыйнап жүрүп жасап алган дөөлөтүм,
“Токтот” – дейсиң сезимимдин мээнетин.
Кантип, кайдан, токтото алам кандайча?
Сөөккө сиңип калды эле да сөөлөтүң.

Үнүң, дилиң, сырың баары мен үчүн
Жашоо, жашоо жаз чакырат күлүшүң,
Жөн-жай гана кол үзгүң бар. Эмнеге?
Жашап жүрсөм мен бир гана сен үчүн?

Келген окшойм сен үчүн бул дүйнөгө,
Дилим даяр эх бир гана гүлдөөгө,
Сезимим от. Аны кантип өчүрөм?
Мүмкүн болбой калды эми сүйбөөгө.

Көтөрө алам мейли мени сүйбөсөң,
Таарына албайм, болду сен деп гүлдөсөм,
Ал да болсо кудайымдын жазганы
Сен мен үчүн жашаганды билбесең.

## Кайгырба, аялзат!

Кайгырба, кайгырба аялзат,
А кайгы бир сендик эмес да,
Дүйнөнүн түркүгү сен болсоң
Сен алгач күлүшүң керек да.

Жадыра, жадыра  аялзат,
Жаз сен бар үчүн деп башталат.
А сенин бир күлкүң щаңгырак
Бүтүндөй дүйнөнү башкарат.

Өмүр бар бир сенин күлкүңдө,
Жашоо бар бир сенин уйкуңда,
Жылмайып бир карап кой, болду
Сүйүү - ошо бир сенин ууртуңда.

## Оо сезим!

Амансыңбы? Кайда жүрдүң?
А менин мында экеним кайдан билдиң?
Билгенмин, сен бир күнү кайтаар элең,
Мен күткөн бир сөзүңдү айтаар элең.
Мен дагы улам-улам урап түшүп
Жаңы бир Кыял болуп кайта келем.
Оо сезим!
Сен ушунча жумшак белең?
Мээлүүн бир мээримиңен жыргайт денем.
Сен эми бир заматта танасыңбы
Көгала болуп бүткөн жүрөгүмдү,
Муз, бороон болуп кеткен илебимди?
Эч нерсе билбегендей жаркылдайсың,
Ооба сен деги жаман айтылбайсың.
Оо сезим,
Сенде балким эс-тутум жок.
Ошондон дүйнө жашап калган окшойт.
А бирок дайыма аны азап коштойт.
Оо сезим!
Мен сенин билип алдым бар экениң,
Билгенге дүйнө дайым тар экенин...
Сен өлбөс болуп калдың мага эми,
Мен өлбөс болуп алдым сага дагы.
Оо сезим!
Жоготсо мени эми өтмүш жоктойт,
Сен мени жогото албай калдың окшойт...
Оо сезим...

*09.07.2024.*

***

Дүйнө, сени кайсы арыма жек көрөм?
Ансыз деле,
Канча жарык алдастап,
Менден жарык күтүп жүрүп куурады.
Эми ушул туурабы?
Жанып-жанып жүрүп өлүп калышты,
Билбей жүрүп кайда гана барышты.
Дагы сенден сурай турган болдум ээ
Дагы канча ыйманымды жеп көрөм?
Кармап алып, кое бербей желкеден,
Дагы эмнесин жек көрөм?..
Кечир өмүр,
Адам деген жаштык дайра чагында,
Көргөнүн да, билгенин
Кетет экен жазгы суудай агызып,
Билбейт экен кайда алып бараарын,
Билбегени үчүн балким,
Аркы дүйнө кабарын.
Колу менен баарын өзү кыйратып,
Калат тура ажыраарда түбөлүк,
Оозуна суу тамызып...
Айтчы жашоо?
Адам деги төрөлгөндөн
Төрт тарабы төп болуп,
Жакшы гана жашап өтсө болобу?
Же ошентсе бу жалганда
Аны келип баарылап
Дарга асып коебу?
Эмнеге адам
Коркот жакшы болгондон?
Коркот жакшы ойлордон?
Билем, билем, билем аны
Андайлардын баары аеосуз
Баоелугу үчүн гана кор болгон...
Качан чыгат оо адамзат

Ушул алсыз коргондон?!
Аалам, аалам көрбөгөнүң калбады,
Ансыз деле жыргабадың эч кимден,
Анан сени кайсы арыма жек көрөм?!
Сенин улук урматыңа,
Эртең жаздын туулган күнүн өткөрөм!!!

*23.07.2025*

## Тилек

Сүмөлөктү колго алып быйылкы,
Жанды сездим, кыштан чыгып, өлбөгөн.
Көккө тиктеп көпкө турдум телмирип,
Көңүл менен эч ким, эч ким көрбөгөн.
Жаз бул ирет олуттуу да, сабырдуу,
Жүрөгүндө жүгү бардай муңаят.
Бу качанкы өмүр? А мен бөксөрбөйм
Мелт-мелт этет колумдагы сыр аяк.
Ак ууртадым, ак дилимден алыска
Көз жиберип, жарыгымды тиктедим.
Үн-сөзү жок баарлаштык алыстан
Мен кудайды бир башкача издедим.
Жалгыз кеттим, көпчүлүктөн жашынып,
Тилегимди бирөө тартып алчудай.
Камсыз калды, жаркып калды калың журт,
Мени жазга бир толкутуп алчудай.
Делбиреген жүрөк менен көчөдө,
Канат сермеп учуп гана бараттым.
Жашагымды келтиргенин карасаң
Күүлдөгү сен жак калган тараптын!
Ушундай зор жүрөк толгон сыр менен,
Тилей бердим, тилей бердим дембе-дем.
Жараткандан чындап бакыт сурадым
Өмүрүндө эч, эч кимге бербеген.

## Бу дүйнө канча жашта?

Бу дүйнө канча жашта, билбейбиз ээ?
Жетилип, акыл толуп калды бекен?
Же азып,  жаны арып карыдыбы
Чарчатып жүрөбү ээ ушул кезең?

Бу дүйнө жаш кезинде үлпүлдөгөн,
Сезими чочуп турган селки беле?
Бийикте бүркүт беле шукшурулган
Жаны - жаа, күчү - саадак, эрки – жебе?

А балким азыр деле жапжаш чыгар,
Болбосо сүйүүнү биз кайдан билдик?
Чын эле дүйнө деги чоңое албайт
Ошондон дайым жашоо жаңы тирдик.

А балким күндө дүйнө карып бүтүп,
Төрөлүп түшөөр  дайым таң алдында?
Жаш да эмес, кары да эмес, бала да эмес
Чынында дүйнө азыр баралында.

## Сен баары бир жалгызсың

Жетелеген болот бирөө колумдан,
Көкөлөгөн болот бирөө жолумдан.
Бир илдет бар ишенбеген эч кимге
Калбай ээрчип келе жатат соңумдан.

Жаркыраткан болот бирөө дилимди,
Айтып аткан болот бирөө үнүмдү.
Кайдан тапсын, кайдан көрсүн ал адам
Жаның жанчып жалмап турган иңирди?

Алдап турат бири алсыз көңүлдү,
Аңдап турат бири жайсыз өңүңдү.
Кайдан, кайдан, жыйнаша алмак кимиси
Кайналыдай жерге түшкөн өмүрдү?

Бири сенин камдагансыйт багыңды,
Бири сенин кармагансыйт табыңды.
Кими, кими, кими таңып бере алмак
Жалгыз жакын жандан сынган шагыңды?

Ооба, туура, жылдыздан да жарыксың,
Мейли сени асман кылып алышсын.
Миң өкүттү бир башыңа батырып
Сен адамым, сен дайыма карыпсың.
Сен баары бир, сен баары бир жалгызсың!

## Орозодо

Көңүлүмө толуп турат бүт тарап,
Көөнүм - мээрим, жаткан өңдүү куш тарап.
А ыйманым ачкалыкка саат сайын
Чарыктагы казык сымал учталат.

Ыраазымын өткөнүнө, келерге,
А үмүтүм үйрүлүүдө тереңге.
Уч-кыйырсыз учур менден башталып,
Уч-аягы байлангандай денемде.

Ыкшоо тарткан адат кетип мейкинден,
Байкалууда бир жаңыруу эркимден.
Үнүн тыңшап жатам жаңы өмүрдүн
Терезеден жамгыр менен чертилген.

*15.03.2024-ж.*

***

Чуркап барам, чуркап барам жыңайлак,
Бут алдымда ала-шалбырт шыбыргак.
Мээме чыкпайт тоңдугу.
Бет алдымда ысык бороон,
Ага дагы жаным күйбөй койдубу...
Бул не деген жан ыргак?

Колун созуп качанкы бир ууз сезим
Маңдайыман сылап коет астейдил,
А мен жыргап магдырайм да,
Бу дүйнөнү оңой калчайт жүрөгүм
Оо кудурет, да бир өмүр апкелгир!

Кана эмесе, периштелер,
Каалагаларды ачкыла!
Колдо болгон дүйнөңөрдү чачкыла!
Мага ыйгарган жараткандын
Шайы жоолук, шарапаттуу кучагы
Шаркыратма укмуш шаңы бар эле,
Кийип чыгам көчөгө
Карагыла, тапкыла!

Өлбөс бакыт,
Сени издөөдөн канаттарым талбады,
Бирок, чыны сага деген менде көз жаш
калбады.
А сен эми пейил күткөн
Чечип салчы беткабыңды алдагы.
Сен жанымда жүрүпсүң го
Неге мынча баш каттың?
Эх, эссизим!
Мени ушунча тирүүлөй
Учуп кетчү жерден уйпап, аксаттың.
Ошо сенин унчукпаган, тынч уктаган
акылыңдан өлгүдөй бир чарчапмын.

Болду, жетет! Периштелер,
Каалагаларды ачкыла!
Колдо болгон дүйнөңөрдү чачкыла!
Мага ыйгарган жараткандын
Шайы жоолук, шарапаттуу кучагы
Шаркыратма укмуш шаңы бар эле,
Кийип чыгам көчөгө
Карагыла, тапкыла!

*15.04.2023.*

## Ошондо

Жүрөгүмө ойдогудай жарашкан,
Жарык берген болуш керек жараткан.
Издейм, издейм, келүүчүдөй сезилет
Тянь-Шандын тээ чокусу тараптан.

Кыял, дили кыргызга окшош, таптаза,
Тириликтен кыйла алыс, башкача,
Жашоо мага салам берген учурда
Көтөрө алса дүйнөм аны аскача.

Көздөрүңөн көңүл эмне түшүнгөн,
Көкөлөгөн сайын улам кичирген,
Сырдуу дүйнө мени каптап киргенде
Аны тааный алсам экен ичимден.

Адамдарым тааныганда өз башын,
Түгөткөндө ичиндеги көз жашын,
Келчү өмүр келет, бирок ошондо
Кел-келине чыдаса экен өз жазым.

Жүрөгүмө жүрөгүмдөй жарашкан,
Жарык берген болуш керек жараткан.
Издейм, издейм, келүүчүдөй сезилет
Тянь-Шандын ак чокусу тараптан.

Күндө бир маал тигилем да тим болом,
Мен бир кезде келгем ошол дүйнөдөн.

## Шашпачы

Шашылгым келбейт менин,
Ансыз да кеткен кечээ, шашкан бүгүн.
Айтпачы, ушул өмүр
Шамалга сапырылып жаткандыгын.
Жүрөктү тыкылдатпа.
Саатыңды чыкылдатпа.
Кудайдын так алдына түшүп алып,
Шуулдап шымаланып баскан кыйын...

Жарыгым, жинденбечи,
«Не кечиктиң, карачы, саат канча болду?»
Убакыт кимге керек?
Алгыла, талагыла
А мага бүтүн бир доор калса болду.

*31.08.2023.*

***

Кайдасың ээй, таза кардай тамашам,
Эми сени кай мезгилден талашам?
Тааныганы сайын жүрөк дүйнөнү
Таанбаган жайга кетип баратам...

## Жакшы сөз

Кайра-кайра жаралчудай көрүнгөн,
Кайран адам нени көрбөйт өмүрдөн?
Жыйнай албай жүрүп өтөт экен да
Ырыскысын бут алдына төгүлгөн.
Кабат-кабат үйдү салып үстүнө,
Катар-катар унаа алып астына,
Каада күтүп, кадыр күтүп, барк күтүп
Убарасы жетпейт бирок бактыга.
Күмүш табат, алтын табат, бүт табат,
Алаканын ачса айланат бүт тарап.
Бакытына бир өзүнөн башкасы
Ай, Күн болуп айланчыктап суктанат.
Кайран адам тоет экен баарына,
Бир кемтиги толбойт ошол багына.
Адамга адам кол суна албайт турбайбы
Жараар кезде намысына, арына.
Тирүүлүгүн тириликтен айрыбай,
Адамды адам жашайт тура таанбай,
Кете берет тура мыкчып жүрөгүн
Жадыраган жакшы сөзгө жарыбай.

*24.11.24.*

***

Жаман көзү мени карайт негедир,
Ким бирөөгө короп кеткен өмүрлөр.
Эмне демек элем? Жан жейт ансыз да
Жакшылыгын таппай калган көңүлдөр.
Жүрөк бошоп, жол да бошоп көптөрдөн,
Жалгыздыктын жаркырайт оов чокусу.
Жашоосуна ыраа көрсө болгону
Жок бекенби эми мунун окуусу?
Мен жай алчу орун таппай эч жерден,
Келдим ырас, турам мына этекте.
Эй жалгыздык, уят кылбайм мен сени
Койнуңду ач, кур кол келдим, кап этпе.
Жеттим сага, жеттим акыр, кыскасы,
Сага жетчү жолум оңой болгон жок.
Көбү кире албайт сенин корооңо
Эң арманы - сени тоскон коргон жок.
Жүрөгүмдө жанга баткан бир жашоо,
Эрте кайтып келип калдым өзүңө.
Суранамын, кайра мени кайтарба
Чачылганды жакшы көргөн кезиме.
Болду. Бүттү. Бүт кызыгым таркады,
Жакшы боло берчү жайым түгөндү.
Эй адамдар, кечиргиле, чарчадым
Жакшы көрө берип жаным силерди.
Таарынганды, жаңырганды эп көрөм,
Жаз келгенче бейпил жашап турайын.
Бир көтөрсө мени ушул көтөрөт
Жалгыздыктын кучагына кулайын.

***

Жашоодо жеңүү да жок, утулуу жок,
Колуңда жараткандын бүтүмү жок.
Анда не жанталашып жарышабыз?
Жашообуз үмүтүнөн кусуру көп.

Жарышка түшөөр жакшы жорго сымак,
Жаманбы, жакшыбы өмүр колдо турат.
Маркумдун атак-даңктуу бакытынан
Тирүүнүн миң арманы өйдө турат.

*22.11.24.*

## Кудай жана музыка

Адамдардын карачы эми тапканын,
Жасап алган көңүлүнүн асманын.
Кайдан алат акыл жетпес, кол жетпес
Музыка аттуу жүрөгүнүн дастанын?

Адам эмес, аалам болот үн ээси,
Дирилдеген дилден бүтүн денеси,
Колдорунан ыргыйт нота жылдыздай
Периштедей дирижердун элеси.

Нөшөр-нөшөр күү төгүлөт учурга,
Мейли жазда, мейли күздө, кышында.
Жүрөгүңдү чертип турат кудурет
Балким кудай түшүп келет ушунда.

*5.12.2024.*

***

Кайнап турсун көкүрөгүң ичинен,
Өлкө деген өрт сүйүүнүн күчүнөн.
Канча көрдүм көкүрөктү алдамчы,
Сырты бүтүн өрттөнгөндөй көрүнүп
Көөдөнүнө намыс жетпей үшүгөн.

## Аял алсыздыгы

Күчтүү чечим күтчү болбо сен менден,
Күч табылат гүлдү гүлдөй көргөндөн.
Чарт дей алган чагылгандан миң өйдө
Жашай алат күн күлүңдөп бергенден.

Жеңилүүдөн жеңүү табат табият,
Баарын жеңем деген мүдөө жаңылат.
Бир бакытын коргойт элем деп жүрүп
Күчтүү аял миң бакыттан айрылат.

Аялзаада өмүрдө бир билгени -
Көздүн жашы менен жаркып күлгөнү.
Миң ааламат мизин улам кайтарып
Алсыздыгы сактап турат дүйнөнү.

*18.08.2023.*

***

Эч нерсенин кереги жок,
Өзү келет сага керек нерселер!
Анткени сен тирүүсүң!
Бу дүйнөдө жалгыз жансың
Жаратканга эркелээр!
Эй сен адам - сүйүүсүң!
Бу дүйнөгө
Ар бир адам жөн келбейт,
Сенин ордуң бу жалганда өзгөчө!
Бүтүн аалам бут алдында төшөлөт,
Адам жалгыз акыйкатты көздөсө.
Тамак, акча, оокат үчүн жулунуп,
Чуркаганың - ушул кудай шылдыңы.
Ошол үчүн бу жарыктан
Көбү аёсуз ыргыды.
Дүнүйөнү коюп коюп алдыңа
Сынап жатат сени ал,
Адам болоор бекен деп.
Атың таппай алактайсың
А сен анын күмөн оюн бекемдеп,
Алып-жулуп, кекиртегиң тыя албай,
Колдо болгон мыдырыңды
Адамдыкка кыя албай,
Тырышасың,
ал ансайын кайран жүрөк бырышат.
Анан сүйбөй эч нерсе
Ак жүрөгүң адам менен урушат.
Сага болгон кудайдын да
Камдап койгон мээрими
Куурап түшөт себепсиз.
Курган жаның
Ошол үчүн сен эч кимге керексиз!..
Эч нерсенин кереги жок,
Өзү келет сага керек нерселер!
Анткени сен тирүүсүң!

Оо сен, адам!
Сен баарынан улуусуң!

*31.08.2025.*

***

Тирүүлүк, не болду экен жандырмагың?
Тиш оорудай басылбай сыздатасың.
Чыдап жүрө беребиз чындыгыңа
Муңайтасың, жүрөктү муздатасың.

Неге сенин сырыңды билүү кыйын?
Бирин эрте аласың жадыратып,
Бирин албай көрүңө, ооруп жатса
Жанын эзип, көздөрүн жалдыратып.

Бирин көккө учуруп, көкөлөтүп,
Атак берип эч кимге теңебейсиң.
Кээ бирөөнүн өнөрүн өрткө таштап
Келекелеп өмүрүн тебелейсиң.

Шылдыңыңды тагдыр деп моюнга асып,
Шылдырт-шылдырт кишениң сүйрөп алып,
Пенделиктин жолу узак болгон менен
Өмүр кыска ар кимге, дүйнө карып.

Акылсыздын жонунда оор жумуш,
Акылдуунун азабы бир канча эсе.
Кантип жашоо кечирмек болду экен
Бу жалганга кудайдын өзү келсе?!

Ким бирөөгө тамаша ушул жарык,
Шапар тебет, шаң менен өтүп кетет.
Балким алар кудайдыр келип турган
Бир келет да, дүйнөнү өөп кетет!

Келгенден соң дүйнөгө адам болуп,
Эмне жетсин адамча жашаганга!
Эмне белги болду экен, оо тирүүлүк
Колуңдагы көтөргөн асабаңда?!

*26.08.2025.*

## Коштошуу

Турмушумдун алып салдым көкүлүн,
Туура жашай баштаганым ошолбу?
Көпкөк асман эле мага бу дүйнө
Көп жакшынын өлүмүнөн бозорду.

Отко таштап кете берет экен да,
Буйругунан кайда качам эми мен?
Оо, бу аалам эс алса деп ойлогом
Бийик жайдан бир жарк эткен демимен.

Тыңшаганын көрбөдүм мен жашоонун,
Жүрөк байкуш кадыр күтөт өзүнчө.
Ыйга айланат, муңга айланат жарык күн
Зикир айткан ыймандуунун көзүнчө.

Жулуп кетет экен колдон жөн гана.
Жулунганы качан токтойт жалгандын?
Ишендирет, сүйүндүрөт, сүйдүрөт
Мен жашоого канча жолу алдандым?

Көпөлөктөй көөнүм абдан бузулду,
Бул жарыкты калдым мен да аябай.
Жакшы да элем, жарык элем бир кезде
Жашык кылды жаштыгыма карабай.

Жакшы жашай баштадым мен бул ирет,
Периште эмес экен көрсө жүрөгүм.
Мен да эми башкалардай калп айтып
Мен да эми ырысын жейм бирөөнүн.

Жай мүнөзүм ала жатты көрүнө,
Күнөөсү жок бөөдө өлгөн жакшылар.
Мен өмүргө эми кантип ишенем?
Айдар көкүл аяр кезим, жакшы бар!..
*07.09.2025.*

## Сагындым

Улуулар мекен жүгүн артып алып,
Уйкашып турар эле тилегине.
Керемет бир чертилген күүдөй болуп,
Кептери сиңээр эле жүрөгүмө.

Тереңге тартып алып тең дүйнөнү,
Көкүрөк жай жашоого канат байлап.
Көзүндө буркан-шаркан жалын жанып,
Көөнүндө чындык менен талап кайнап.

Бүтүндөй бир күч болуп турар эле,
Байлыгын, бийлигин да тоготпогон,
Жокчулук, ачкачылык болгон менен
Адамдык касиетин жоготпогон.

Калдайып тураар эле караандары,
Каркыра болуп учуп ырахаты.
Чексиз жол болуп туруп өзүлөрү
Негедир бүтүп калды саякаты.

Адамдар айга учуп жаткан менен,
Азыр мен аларды эч таппай келем,
Кайра бир кайрыктарын угамбы деп
Кайрадан баарын баштан баштай берем...

Чын эле алар азыр кайда жүрөт?
Сагындым, бир кучактап калат элем.
Жакшысы деле алардын түгөнгөндүр
Санаасын берсе деле алат элем.
Сагындым!

*10.09.2025.*

***

Мейли сени мейкиндикке теңешсин,
Мээң иштеп турган үчүн керексиң.
Сен бир укмуш гений болгон күндө да,
Жашап турган элден улуу эмессиң.

***

Дүйнөнү кимдер кайдан ченеп алган?
Бүтүндү бүлдүрүшүп бөлүп-бөлүп,
Саатка, мүнөттөргө, секунддарга.
Доорго, кылымдарга, айга, жылга.
Аттигиң, убакытты көргөн сайын,
Адамдын заманасы куурулаарын
Ойлошкон эмес экен.
Оо булар эң чоң ката кетиришкен.
Чулу бир аруу жайга кол салышып,
Чачкылап, бузуп-бузуп эсиришкен.
Ушул саат болбогондо,
Бейпилдик менен гана жетелешип,
Момун бир мезгил менен эркелешип,
Биз шашпай калат элек...

*15.01.2025.*

***

Мен эми
Калп эле кыялдарга азгырылбай,
Жөн эле эл катары басайынчы.
Калпычы күндөр менен толкуп-ташып,
Кокустук менен бирге колтукташып,
Чын дилим менен «кокус» жашайынчы.
Мен эми
Чындап адам болуш үчүн
Сыпайы өмүрүмдөн качайынчы.
Жүрөгүм жая таштап басайынчы.
Жылаңач чындык менен кучакташып,
Түрү суук турмуш менен ушакташып...
Атакем, атакем ай!
Азабымдын артынан көп жүрдү эле...
Мени адам болсо экен деп өстүрдү эле...
Карыса дейт го мени,
Апапак, аруу тилек бала бойдон.
Мен анын тилеги үчүн
Көп ирет көп нерседен таза болгом.
А бирок,
Кыйын экен,
Кыйын экен,
Периште болбогон соң,
Тебелеп жүрөгүңдү,
Тебелеп тилегиңди,
Теңтушуң эле сени кордогон соң.
Бат эле адам болгуң келбей калат.
Жүрөгүң таарынычка өлбөй калат.
Таш болуп тирилесиң,
Наз болгон бир kездеги илебиң жок,
Чачырай берчү күндөй тилегиң жок.
Кайтасың аруу жолдон
Өз эркиң менен гана акыл-эстүү.
Жоголгон сага эми
Жолуңдан кайта берүү сага кеппи?

Бир кезек мени шамал айдап кеткен,
Маанисиз, үнү маңыз, дүнгүрөмө
Желимдей жытсыз, даамсыз бир дүйнөгө.
Адамдан баш адашат,
Койкоюп колго кооздоп жасалышкан,
Карeги кадыр-баркка ката бышкан.
Карагың келген менен көзүңдү албай,
Түрүнөн
Көңүлүң айнып турат өчүң бардай.
Ал жайга батканым жок адам болуп,
Сезилип туруп алды
Алардын бар жашоосу арам болуп.
Мен адам болгум келет,
Атаке,
Сен билген, сен тилеген кыялыңдай,
Жашоодо алып жүргөн ураанындай.
А бирок,
Ошонун жолу кандай, биле албадым,
Жүрөккө бир да жолду түйө албадым.
Мен эми мындан ары
Калп эле кыялдарга азгырылбай,
Жөн эле эл катары басайынчы,
Калпычы күндөр менен толкуп-ташып,
Кокустук менен кокус колтукташып,
Чын дилим менен «кокус» жашайынчы.
Жылаңач чындык менен кучакташып,
Түрү суук турмуш менен ушакташып...
Муну да
Адам балким көрүш керек.
Атаке,
Негизи
Адам кандай болуш керек?

*9.01.2022.*

***

Кантем эми, жүрөгүмдү толкуган,
Канат бүтүп көңүлүмө
Кайкыган да, ойкуган?
Аттиң, бүтүн толкутчудай дүйнөнү
Турган менен,
Эч кимине сезилбей,
Гүлгө дагы окшошо албай үйдөгү
Ырым дагы башкаларга
Айтып бербей өзүмдөй...
Капаланып олтургам.

Анан, анан бир маалда,
Музыкадай муза ороп кыялга,
Өзүмө-өзүм ээ боло албай эч эле
Уруп-согуп учуп чыктым көчөгө.
Эч суракcыз
Жүрөгүнө кирип барып башканын
Жүлүнүнө чейин дир-дир аралап
Жүздөрүнө күлкү жая баштадым.
Эрксиз сезим,  чексиз сезим,
Колдон алып, бойдон алып баарысын
Бөбөктөрдү, бөлөктөрдү
Досун, жашын, карысын.
Делөөрүтүп, делбе кылып бийлетип
Дымып турган дилдеринин отун көзөп
таштадым.
Талаа-түздө гүлдөй берип,
Кызгалдак да буулугуптур аябай,
Баш ийкешип күлөт баары,
«Көптөн бери неге калдык жыргабай?»
Күтүп жүргөн күндү таанып
Бир жыргадык
Эч нерсеге карабай.
«Мына менде ушундай да өнөр бар!» - деп бир
кезде,

Улам бири чыга берди ачылып,
Кайран гана адамдардын
Чыкты белем дүйнөлөрү
Катып жүргөн жашырып.
Катып койгон сандыгына качанкы
Кудайдын да,
Бүт дүйнөсү жатты жерде чачылып...
Адамдардын жаркыраган шаңына
Тоолор жибип, зоолор күлүп,
Табигатка жан кирди.
Ай, ошондо аскалар да шаң-күлкүгө алдырды.
Булактар да токтоно албай
Кеч уккансып бу тойду
Ыры дагы, сөзү дагы токтобой
Салып-уруп келатышат
жыйынга.
Суу чачырап бетибизге,
Баарыбызга бирден белек
Мончок-мончок
Бакыт жаады моюнга.
Бийлеп жаттык, ырдап жаттык
Каалагандай кыйкырдык,
Табигатка жарашыктуу, жарашыктуу
кулпурдук.
Ах, карачы, кандай жакшы
Көңүлдөрдү көк асманга учурдук.
- Чайың кана? -деген үндөн
Делбе бийим токтоду.
Аттиң, анан кайран башым
Сүт койгонун эстеди.
Сүт кетиптир ашып-ташып,
Мурун жарып күйүгү.
Колумдагы балдарымдын
Бал муздакка деген ыргып тыйыны.
Шашып калдым, карай албай күйөөмө
Ал байкушум кайдан билсин,

Эргигеним
Ал эле эмес
Мен таанбыбас бирөөгө?
Мына ушундай,
Мына бүгүн
Бакытымдын кармап алып толкунун,
Өзүм эле, өз алдынча
айныгандай толкудум...
Ким таба алмак, куну чексиз
мына ушундай олжону?
Акысына сүт ташыптыр болгону.

*20.04.2022.*

## Баатырга

Мекен үчүн бир унчукпай жан берген,
Сенден артык кими кантип кыйкырат?
Душман буту баскан жерде тура албай,
Жаның чыгып кеттиби ээ чыркырап?

Бир эрдикти күтүп жүрсөң керек ээ?
Бир күн келер, жаштыктын бир жазында.
Билбей калдың бекен анан, жарыгым
Баатыр жүрөк болгонуңду өзүң да?..

Жаның жеңил учса керек асманга,
Акыркы ирет «жерим» деген сөз үчүн.
Кантип барат болдук экен кийин биз?
Чындык - жерге сен жаныңды беришиң.

*05.03.2021.*

## Ички күч

Мейли өзүңө, мейли өмүргө батпагын,
Жакшы экениң эч, эч кимге айтпагын.
А пенделер жыргап бассын басыгын,
Жалтаң мүнөз болуп койгун акырын.
Ансыз деле кадам сайын жакшы адам,
Жамандыгы ичте, айтпас ачыгын.
А сен эми бир солк этпес көңүлдөй,
Жаманыңды сыртка төк да, көрүнбөй
Жакшылыгың ичте калсын төгүлбөй.

Азыр кимдин кимде иши бар, бактыга,
Азыр дүйнө муктаж эмес жакшыга.

Ичтен жүдөп, тың көрүнбө жөн эле,
Тышың жүдөө, ичте болсун тыңдыгың.
Өктөмү күч тыңды кудай бек муштайт.
Куру дымак мүнөзүңдү тыйгының.
Ички дүйнөң бүтүн сакташ үчүн сен
Керек жерде кемип берип койгунуң,
Кылымыңа кызыгыңды  кыйгының.

Ансыз деле дүйнө толуп тыңдарга,
Кирдеп турат, зилдеп турат миң дайра.

Сен жөн эле султан бойду шылдыңдап,
Боеп, түзөп, жасап, анан арыктап,
Бирөөлөргө жагамын деп кор болбо.
Бирөөлөрдүн суктанганын байлык деп,
Күнүмдүгүң күлкү үчүн ойлонбо.
Алар сени ала кетпейт көрүнө,
Алданбагын азыр керек болгонго.

Ансыз деле дүйнө толо сулууга,
Эл напсисин болбой калды тыюуга.

Сен жөн эле ким бирөөгө жагынып,
Тура бербе, жүрө бербе басынып.
Эмнеге эми бир тамшаным бир өмүр
Ким бирөөнүн кирди-чыкты көңүлүн
Алыш үчүн ала салып, айланып,
Асман-айга туруш керек ачылып?
Азап тартып болоор-болбос нерсеге
Неге өмүр кетиш керек чачылып?
Биз өмүргө тунуу үчүн келгенбиз
Жаша, жаша, жаша, жаша жөн гана
Жарыгыңа өзүңдү өзүң чакырып.
Жупуну бир кебетеңе жашынып.
Не кыласың бу дүйнөгө сиңирген
Эмгегиңди, кадыр-баркың карыштап?
Сен бир гана жашаганды үйрөнгүн
Өнөрүңдү өзөгүңө багыттап.
Бир өмүрүң кызык болсун ушунча
Сен өзүңө өзүң болгун табышмак.

***

Каргалар эй, каргалар катар учкан,
«Калкы үчүн» калдайып ката бышкан.
Караандары кыш алып келип, кыштан
Карга дагы боло албай, кача алышкан.

Баары сүйөт бапырап, күнөөң - күмөн.
«Улут» деген сөз менен сүрөөң түмөн.
Анан калса кашайып атың СҮЙҮҮ
сүйүү таба албадык жүрөгүңөн.
Анан калса кашайып атың МЕКЕН
мекен таба албадык жүрөгүңөн.

## Мөндүрдө

Дабыр-дубур,
Тарс-турс,
Карс-курс
Эшикте,
Муштум, муштум мөндүр төгүп кирди эле,
Чочуп кетип
Чуркап чыкты балдарым.
«Болдубу эмне бирдеме?!»
«Ай-ий апа бул эмне?»
Таңыркады башын катып Байзагым!
Мындай укмуш дүйнөнү
Эң биринчи көрүшү эле каралдым.
«Аа балам, бул мөндүр болот,
Жаайт ушинтип жаз алдын».
А ичимен ойлор келди
Көкүрөктү туйлатып,
«Жарыгым ай, турмуш деген
Мунун дагы башына,
Муштум-муштум төгөт ээ эми мөндүрүн,
Табиятым,
Балким ушул балама
Сабак үчүн
Же көрсөтүп жатабы ээ көндүмүн...»
Мен ойлонуп, аяп турдум баламды,
Балам болсо, корккондугун унутуп,
Улам барып, башын тосуп мөндүргө,
Ойноп жатат, каткырыгы таш жарып,
Анан анын
Тамашасы ансайын,
Алгансыды Табиятты башкарып.
Боорду эзип, култуңдап
Бийлеп кирди добушуна мөндүрдүн,
А мен ичтен, турдум ага сүйүнүп:
«Жарайт, балам!

Сен турмуштун соккусун,
Дал ушундай тамашага көндүргүн».
Бийлеп жатты, бийлеп жатты
Музыкасын табияттын токтотпой,
Мөндүр анан калгансыды
Мөндүргө да окшошпой...

*07.04.2025.*

***

Чындык жака, ыйыгы от күрмөлүү,
Ким сүйө алат жыпжылаңач дүйнөнү?!
Ушул биздин шорубузга жараткан
Деген үчүн
«Кийимди өзүң таап кий».
Байкуш адам болгон-толгон сүйүүсүн
Сыртын гана бүтөгөндөн тааптыр.

Делбиреген өрт жүрөктү
Оокат издеп карайттык,
Жетет-жетпейт,
Бар-жок, бүтүн,
Жыртык-тешик,
Жаман-жакшы дегенди
Жалаңкычтай болуп баарын
Биз өзүбүз жараттык.

Жыпжылаңач бойдон дүйнө,
Биздин ушул сүйүүбүзгө
Жин тийгендей каткырат.
Көзү күйгөн атак-даңктан, акчадан,
Бизди жыргап шылдыңдайт,
Башка-көзгө чапкылап.

А биз аны түшүнбөй,
Ого бетер жыпжылаңач дүйнөнүн
Кебетесин көрүп алып уялып,
Жамап-жаскап, жасап-түзөп, коздоп,
Бүтөп бүтпөй улам бир жак тешигин,
Сүйүүбүздү түшүнтө албай куурадык.

Кылыгыбыз жетип кетип кокого,
Жүдөп чыгып,
Дүйнө улам үстүн алып ыргытып,
Чуркап чыгат көчөгө,

А артынан кууп жөнөйт
Көрбөгөнү көр бир байкуш көшөгө.

Дүйнө анан жин ургандай кыйкырат:
«Эй пенделер!
Качан эске келесиңер
Эй силер,
Бу жалганда силерчилеп,
Эч ким кийим издебейт.
Эч бир жандык
Табиятка каршы чыгып
Кебетесин түздөбөйт!
Шоруңарды билбейсиңер
Шордуулар!
Бу дүйнөдө ар биринин орду бар.
Силер болсо, бир убакта
Ой кудай!
Баары болуп алгыңар бар коркутуп,
Оо кудурет,
Андай жандын көркү суук.

Эй сен адам,
Жөн гана сүй
Жүрөгүңдө бугуңду төк калтырбай,
Жыпжылаңач дүйнөнү
Жыпжылаңач бойдон эле
Кучактачы тартынбай.
Сен ааламга
Бар экениң бир бакыт
Ал эч нерсе сурабас.
Жөн гана сүй,
Жөн гана бил
Дүйнө дайым жылаңач.

*30.03.2025.*

***

Апалар болоор эле,
Күндө көмөч казанына
Тегерете тепейтип от калаган.
Түтүнгө аралашып, булоолонуп,
Карааны туруучу эле,
Турмушка улоо болуп.
Ачышкан көзүн улам сүртүп коюп,
Улам бир көңдүн чогун түртүп коюп,
Отурар эле жалгыз,
Нан бышып калса экен деп.
Көчөдөн көрүп калып,
Чакырып алып мени.
Кыпкызыл жаңы бышкан,
Ыпысык нан сындырып,
Ортосуна сары май сүйкөп берип.
Мен болсом нанды алып,
Ырахмат айтып койбой,
Оюнга жанталашып жүгүрөмүн.
Апасы болоор эле,
Ошолор
Таптакыр ким бирөөнүн.

*18.03.2025.*

***

Таарынба бу дүйнөгө,
Таарынба ким-бирөөгө,
Эгерде ыза көрсөң бу жалгандан,
Жөн гана жакшы көрүп кутулгунуң.
Көзүңөн тамган жашты
Көпөлөк кылып кайра учургунуң.
Жүрөктү бырыштырба ыза-муңга,
Жүрөктү чүрүштүрбө куса-ыйга.
Бу жүрөк сүйүү үчүн гана согот,
Бу дүйнө чыдай албайт ызалууга.

*6.08.2023.*

## Билгем!

Билгем, билгем!
Мен издеген бакыт бир күн келээрин!
Бир гана ушу,
Ага эми билбей койдум не дээрим.
Каалгасын шарт ачып койду
Кучагы анын каякта?
Кулаганга болбойт экен
Колго берди тереңин.
Түшүп кеткен жокмун анан, түбү анын каякта?
Көздөрүмө арнап салды көздөрүнүн карегин.

Бул асманбы? Жер алдыбы?
Билбейм, бирок, бирок ушул дүйнө эмес,
Арууларды айылынан келе жаткан бир элес.
Жеңил гана дем алганым, сүйлөгөнүм,
күлгөнүм.
Уйкум жакшы, тулкум жаш куу,
Бир жакшысы үйдөмүн!

Кетишкендей келбес болуп
сезимимден башкасы,
Кыя жолу - кызыл килем, кыялымдын аскасы.
Эми кайра баягыдай ала качып жүрөктү
Жалын жаным сени издеп жүрөтпү?
Билем, билем ушул ирет баары болот ирээттүү!

Коркпо жүрөк, коркпо! Коркпо!
Бул ырыскы сеники!
Ушул жолу Жаратканым,
Баарын толук бериши!

Билгем, билгем мен издеген
ӨМҮР бир күн келээрин!

*25.02.2025.*

## Көчөдөгү замандашка

Телефон колдо, башыңда шапке,
Негедир сени карадым көпкө.
Арта салынган мойнуңда эмне
Доор жүгүбү кара барсетка?

Басыгың ылдам, көөнүңдө жан бар,
Көздөрүң бирок чарчагандай бар.
Улут үчүнбү, бир кыз үчүнбү?
Жүк кылып алган жүрөктө не бар?

Ишиң жок неге тегерек менен?
Оор окшойт оюң көкүрөк жеген.
Оорусаң ооруй көрсөң экен ээ
Оор ойлор менен ата-журт деген.

*08.08.2021.*

## Себепсиз бактылуу болгула

Себелеп мөндүр жаайт дайыма,
Сен күткөн бакыттын ордуна.
Себебин издебей ар кимден
Себепсиз бактылуу болгула!

Күлкүдөн табам деп бардыгын,
Жүрөгүң төшөсөң эртеңге.
Көтөрөт тура эй ушу деп,
Көр турмуш күнүгө желкеңде.

Өмүрдүн мээримин издесең,
Өзүңдүн көзүңдөн издечи.
Жүрөгүң аясаң суранам
Эч кимден эч нерсе күтпөчү.

Көз жашың аябайт сүйүү да,
Сырыңдан сындырым алдырба.
Эч кимдин эш сөзү татыбайт
Аялдык азабың алдында.

Себелеп мөндүр жаайт дайыма,
Сен күткөн бакыттын ордуна.
Себебин издебей ар кимден
Себепсиз бактылуу болгула!

## Табиятка

Оо табият,
Сен каяктан ушундай,
Адам эмес туруп АДАМ мүнөзүң,
Аял эмес туруп аяр күлөсүң.
Биздикиндей согуп турган жүрөк жок
Баарын тегиз баш айланып сүйөсүң.
Оо табият,
Сен каяктан ушундай,
Сабырдуу да көтөрүмдүү акылың?
Айтышпай да, унчукпай да акырын.
Жообуңду кайтарасың баарына
Чечимиң да, өкүмүң да жашыруун.

Оо табият, көрдүм эле өлгөнүң,
Адамдардын азабынан кайгырып.
Калдың эле үмүтүңдөн айрылып...
Таштай албайт окшойсуң ээ сен бизди
Келбейт элең, неге келдиң кайрылып?..

Оо табият, сатып берди ким сага?
Укмуш кооз экен жазгы көйнөгүң.
Кудай сени чакырдыбы майрамга
Бизге да айтып бересиңби көргөнүң?

## Тагдыр деле сага муктаж макулук

Жаңырыктап жакшылыктар жакшыга,
Жашалчу өмүр али баары астыда.
Уялгандан кетпей калат окшоду
Жаркылдап сен күлө берсең бактыга.

Ким бирөөлөр жаман көрсө, кучакта,
Ал да АДАМ, ким болсо да ызаатта.
Чындык деген мактап айткан сөздө эмес,
Чындык жашайт сен жөнүндө ушакта.

Оордугуна, зордугуна карабай,
Сен өмүрдү сүйө берсең тажабай,
«Жаман көрүү эмне экенин билбейт» деп
Жакшы көрүп калат сени баладай.

Ооба, татаал, жашоо деген аты улук,
Тагдырым деп жүрө бербе баш ийип.
«Жакшы болсом!» - деп тиленет ичинен,
Тагдыр деле сага муктаж макулук.

*16.01.2024.*

***

Өмүр бою жүрөгүңө мык болуп
Өрөпкүгөн өртү күчтүү бук толуп.
Ким экениң далилдегиң келет ээ?
Бирок сенин кызык эмес кимдигиң.
Ким экенин айткан адам келесоо.
Колдон келет, күчүң жетет, акылың
Шекспир да, Айтматов да болууга.
Кимдин жетет дейсиң азыр ак дили
Сени таанып, сени ордуңа коюуга.
Дал ичиңе урап түшүп билгениң
Төрөлө элек жатып өлөт ойлоруң.
Мүдүрүлбөс жаркын күндү күтөсүң
Жүрүшүндөй Ахалтекин жоргонун.
Анан ошол күнүң болбойт эч качан,
Анан өзүң билбей дагы каласың
Унтушканын сени такыр, капкачан.
Анан баарын түшүнгөндө жакшылап
Өзүң кошо унутасың калганын.
Тоо койнунда, улар үнүн тыңшаган,
Чөптөр, гүлдөр адам үчүн жайкалат.
Адамзаттын буту баспай канча жер
Кор табият демин ичке кайтарат.
Ким-бирөөгө өмүр болуп бararга
А калганы кетет учуп шамалга.
Жаралганбыз туура эмес учурда,
Сен эч качан билгениңе таянба.
Бийик тоону күндө көргөн адамдар,
Эмнегедир көргөнүнө сүйүнбөйт.
Муңкүрөгөн көздү көздөр оор карап
Оорукана ичинде адам жүнүн жейт.
Түшүндүрө албай жатып келгениң,
Кетериңди ойлой баштайт жүрөгүң.
А кетерде жашаган күн – жалбырак.
Бу дүйнөдө зор болгонуң бир тыйын.
Ушулардын баарын жакшы түшүнүп
Бу дүйнөгө келбей коюш эң кыйын.

***

Адамдар, тийбегиле,
Адамдын аруу-баео тилегине.
Уккула кулак төшөп
Адамдын буркан-шаркан жүрөгүнө.

Жүрөгүмдү куйкалап кетти бүгүн
Убагында айта албай калган сөзүм.
Кечире албай койдум мен өзүмдү-өзүм.

Адамдар өлбөйт тура ачкалыктан,
Адамдар өлөт экен
Айткысы келген сөздөн апкаарыткан.
Адамдар өлөт экен
Сөзүнүн мүрзөсүнөн,
Көксөөсү суубай калган мүдөөсүнөн.

Мындайды кыла бербейт карышкыр да.
Адамды адам укпай калыптыр да...

Дүйнөдө сүйүп турган көз өлбөсүн,
Айтышың керек болгон сөз өлбөсүн!

## Ажалга

Күйүп кетти,
Күйүп кетти бүт тарап,
Күндөй эле
Күн өлдү окшойт ичинен.
Ушул ирет чоң жаңылдың кудурет,
Карачы эй,
Жүрөктөрдү үшүгөн.
Эй сен ажал!
Алган менен ак жүрөктүү адамды,
Күлкүсүнө күчүң жетпей калыптыр.
Кара жакшы, кара көзүң кашайгыр,
Экранда жадыраган жылдызды!
Сырдуу, муңдуу сымбаты укмуш кыргызды!
Оо бул эми сени өлтүрчү жарыктыр!

Оо жараткан!
Калыстыгың каякта?!
Бу дүйнөдө жакшы адамдар саналуу,
Болду ажал, суранам!
Сен экинчи адашпа.

Күйүп кеттик
Жоругуңан жосунсуз,
Күн өлдү окшойт ичинен...

***

Табылса керек сага
Көңүлүң жубатаар жан,
Табылат мени деле кубантаар жан.
А бирок,
Менчелик кайгырта албас
Эзилтип көңүлүңдү.
Сенчелик ыйлата албас
Эргитип өмүрүмдү.
Жөн гана алаксырсың,
Алдаарсың өзүңдү-өзүң
Тыярсың сезимиңди,
Бураарсың ташкындарың
Мураптай,
Кайра-кайра от жүзүңө бук чачырап.
Бир күндө үч жыйналып, үч чачырап.
Күйөрсүң ичтен гана
Үшкүргөн сайын ооздон
Улуу от, от чатырап...
Табылбай койбойт сага,
“Кимдир-бирөө”.
Өчүрөөр жүрөгүңө кеткен өрттү.
Суутар көңүлдөгү
Сүйүүнү өчтүү.
Ошондо ал сага бир
Жаныңды жан  боюнча
Чоң селден сактап калган
Көрүнөр колдоочуңдай.
Сезбессиң сен ошондо
Сезимден айрылганың
Көлкүлдөп ээрип турган коргошундай.
Суурсуң да, муздаарсың да
Жөн гана ар ким колго кармай алчу
Кыт болуп куюлаарсың.
Сен эмес
Башка жандар каалаган жакшы жайга.

Бирок сен
Качанкы бир кездеги
Көлкүлдөп
Сымап болуп ээрип турган,
Мына азыр
Каалаган жайга барып
Каалаган калып болгуӊ келип турган
Кезиӊди эч-эч качан унутпайсыӊ.
Мени менен кызыл-чеке, кыргын-сүргүн
Ызы-чуу салганыӊдай чын-дилиӊден
Арналып эч ким менен урушпайсыӊ.
Жөн гана колго түшүп берген, жакшы
Жөнөкөй бирөө болуп калаарсыӊ да.
Бир гана ошондо сен
Качанкы жүрөктөгү өртүӊ эстен
Өчпөгөн эсебинен күч таап алып
Аларды аяганга жараарсыӊ да.
Табылбай койбойт мага,
Табылаар
Сага окшош бир таберик.
Айтчы эми
Ошол менин суута алат дейсиӊби көкүрөгүм?
Мен андан кайдан гана тапмак элем
Серпилип себелеген от илебиӊ?
Сүйүнтө алаар балким,
Ыйлата албайт мени
баягыдай
Эзилтип жүрөгүмдү.
Жашаармын анан мен да
Ээрчиме эс оорулуу бирөө болуп.
Жөн гана болоор-болбос нерселерге
Күлгөндү үйрөнөрмүн
Кайсы бир жөн адамга бүлө болуп.
Эх анан болбос такыр,
Тагдырды эртеби же кеч дегенге.
Өрттөнүп турар ӨМҮР

Эпкиниң эстегенде.
Оо жарыгым!
Сен эмне, сен чын эле,
Чоң крест койгуң барбы өз денеңе?..
...Мен тапкан кимдир-бирөө
Сендей чыр болсо экен жок дегенде.

## Ушундай

Бир чыйралтып кое берип койгондой,
Өмүр чиркин өтүп барат ойлонбой.
Күн да күчтүү болгон менен ушундай
Батып кетет өзүнө-өзү ээ болбой.

Гүлдөй күндөр көңүлүңдөн суурулуп,
Көз-көрүнөө учтубу ээ кубулуп?
Кейип алган кылыгыңа уялба
Асман деле ыйлайт кээде буулугуп.

Өкүнүчкө толгон бойдон арылап,
Кеткен күндөр кулагыңа жаңырат.
Жаңылыштуу өмүрүңө өкүнбө
Кээде көктө кудай деле жаңылат.

Сез дүйнөнү сезимиңден бузулбай,
Бардай жаша, хандай жаша учурдай.
Сен бир гана күтпө эч кимден эч нерсе
А жөн гана ушул жашоо ушундай.

***

Сүйө билсең кемчиликтүү бирөөнү,
Кечирет дейт кудай сенин күнөөңү.
Көрсөтпөчү сөөмөй кезеп катасын
Айтчы эми, ошол сага мүдөөбү?

Жашайт тура адам болгон алынча,
Жакшы бол деп кыйнабачы жаңылса,
Болот аны ошол бойдон кучактап
Болот аны ошол бойдон сагынса!!!

Адам, адам ушунчалык  убай жан,
Маңдайынан сылап жүрчү муңайган.
Акмалашың керек эмес эч качан
Ансыз деле көз каранды кудайдан.

*5.12.2024.*

***

Жашоо издеп көөнүм кайда барбады?
Көз менен сөз мени ушунча алдады.
Дүйнө бейпил боло түштү ишенсең
Мени эч нерсе суктандырбай калганы.

Жүрөгүм тынч, жаным жакшы, жайдары,
Эске кирди бу жалгандын жалганы.
Өмүр чындап чыга түштү көркүнө
Мени эч нерсе таң калдырбай калганы.

Өткөн күндү өксүп эстөө не берсин?
Билемин да көөнүм аны жеңбесин.
Азыр гана жашап, жашап алгым бар
А эртеңдин билбейм келээр-келбесин.

*25.08.2022.*

***

Эх, отуз жаш
Өтүп кеттиң ээ жөн гана
Бир кыйналбай, кыйылбай,
Жаштыгымдын жамгырынан тыйылбай?
Алдын-артын кылчак-кылчак каранып
Тегеренет, тебеленет балалык
Жерге түшүп кеткен бир ууч тыйындай.
Жоготкум жок, тоголонот таптырбай,
Турмуш колдон алат бура бастырбай.
Моюн бербей чуркап чыгам кыр-кырга,
Кана Кыял, өзүң билген ырды ырда!
Өрөөнүмө жашыл дүйнө төшөлүп,
Өзөгүмдү өрттүү дүйнө көтөрүп,
Толуп-ташып сезимимде океан
Кеткиси жок, бек кучактайт жаштыгым.
Мен да кетпей ырдап турам көшөрүп.

Кыркынчы жай,
Акыркысы сезилесиң гүлдөрдүн,
Балким мага акыркы ирет гүл бердиң...
Отуз жаштын өртүн кечтим армансыз,
Мейкин эле
Күндөр, жылдар, айларсыз.
Кантип жашаш керек экен, билбедим,
Бирок эч ким билбегендей гүлдөдүм.
Кусаландым, куту мени кечирсин
Кудуретин билбей калган күндөрүм.
Гүл жайнаган бакча болчу жүргөнүм,
Күнгө жолдош, теңдеш эле күлгөнүм.
Жүрөгүмөн күйүп түшүп бүтсөм да
Кыйбай кайра кызык эле сүйгөнүм.
Ажарымдан ай чыкчу эле жаркырап,
Шаңым анда шаркыратма
Туш-тарабым шаркырап.
Кочуш-кочуш чачаар элем ойлонбой

Бакыт кылып мончок-мончок сууларды
Түгөнбөгөн миң бакыты барчылап.

Канчасына тийди экен ээ энчиге
Ошондогу жаштыгымдын тамчысы?
Кимдер аны бакыт көрүп балкыды,
Кимдер аны чочуп кетип
ак жүзүнөн аарчыды?..
А мен эми кайра чачпайм кочуштап.
Кочушумдан кимге, кайда чачылып
Кайда гана сиңип кеттиң, отуз жаш?

Кыркынчы жаз,
Жыла басып келдиң неге,
Келгениңди билгизбей?
Келберсиген боюң ала качасың,
Тагдырыңа тамчы сезим тийгизбей.
А мен сени баягымдай
Тамашага салгым келет байкатпай,
А сен болсо жашагың бар
Эч нерсеге алдатпай...

*28.08.2024.*

## Табылуу

Бул дүйнөнүн бир бурчунан,
Жүрөгүмдү коё турган жай таптым,
Уктап жатат талыкшып,
Жүрөгүмдү бирөөнүкү өңдөнтүп
Мына ушунча оңду-солду чайкапмын.
Эх жүрөгүм! Кечир мени!
Көнүп кетем дегем го,
А мен сага канча ирет калп айттым...
Ооба, сени алмаштыргым келиптир,
Жакшы күнгө, жакшыларга, мезгилге,
Ырга-бийге, кызыл-тазыл көп күнгө.
Сен жыгылдың, сен жоголдуң, кыйрадың,
Жаның сыздап, өлүм издеп ыйладың,
Бирок мени алмашпадың эч кимге.

Гүл аңкыган өрөөн көргөм,
Араладым, тебеледим, оонадым,
Бирок анын
Аңкыган бир жытын жыттап койбопмун.
Дайым ошол бут алдыман
Тирүү гүлдөр жайнаган,
Күлмүңдөшүп,
Күндө өсөт деп ойлопмун...

Кечир жүрөк, кечир мени!
Сени жолдон таап алгандай,
Аябадым  адамдай.
А сен мени таштабадың
Ташбоор, шүмшүк, көктүгүмө карабай.

Укта жүрөк, уктай койгун!
Сүйүү сени келбейт издеп экинчи,
Сени таппайт, сен экөөбүз
Бу дүйнөнүн кабатында жетинчи.

Канча ирет гүл көтөрүп келишип,
Күлгө айлантып кетишти.
Билдик бирок,
Күлдө калган жерде кандай өсүштү.
Азыр биздин өзүбүзгө
Өз сүйүүбүз жетиштүү.

Укта жүрөк, уктай койгун!
Сүйүү сени келбейт издеп экинчи,
Сени таппайт, сен экөөбүз
Бу дүйнөнүн кабатында жетинчи.

*17.08.2024. 1:05*
*Арашан.*

***

Бир сезим конуп,
Бир сезим учту ушундай.
Кеттиң ээ, кеттиң,
Кебелбей кеттиң учурдай.
Булбулум сайрап, ыр жаным жыргап калды эле,
Көңүлгө толуп, өмүргө толуп өрүшүм.
Алдабай өзүм, аңдабай өзүм чачырап
Алгачкы ирет жашоомду жакшы көрүшүм...
Жек көрөм азыр ааламды бүтүн сен үчүн.
Мага эми баары - «кайдагы күндөр», кечирчи,
«Кайдагы жомок» баягы жыргал эзилчү.
Аткан таң менен чыккан күн эми  сыйласаң
Алдыман чыкпа, алдыман чыкпа экинчи!

Көлөкөм түшпөс, залакам түшпөс үчүндүр,
Бу асман мага көтөрөт кара кол чатыр,
Сен аны менин кайгым деп такыр түшүнбө
Кадырлай алаар карачы укмуш жол жатыр.
Бу аалам дайым көтөрөт мага кол чатыр!

***

Жүрөктү кенен дешет, жерге кирсин,
Бир эле адам батат.
Ал дагы батып-батпай,
Жүз ыргып терезеден,
Жүз кирип түндүгүңөн,
Жанды эзет, жаман азап.
А кэзде,
Бирөө дагы сыйбай коюп,
Сыртынан балбалактап,
Ичи бош болуп алат.
Анда да кур калгансып
Таарыныч, ыза, букка толуп алат.
Ансыз да акыл эле бийлик кылып,
Ансыз да акыл эле жашап келет.
Бул жүрөк болбогондо жакшы болмок.
Адамдар балким өлбөй калат беле?..

## Кучактачы

Аалам кенен деп коюшат, ушулар калп айтышат,
Кучагыңдай кенен жайды көрө элекмин чынында.
Ким бирөөнүн бир өмүрү күйүп кеткен сыяктуу
Бир мүнөткө сиңип туруп, өзү тарткан чылымга.

Ысык, ысык, ысык денең сага да бар, мага бар,
Болгон дүйнөм, болгон дилим ээрип кетет кайда-
дыр,
Айлана тар, адамдар тар, анан калса өзүм тар
Ушуларды унутайын кучактачы кайра бир.

*31.10.2022.*

***
Турмуш көчү олку-солку ансыз да,
Лабиринттей - чындык бизден адашкан.
Шүүдүрүммүн алаканда ойногон
Шүмшүк кыла көрбө мени, жараткан.

***
Байлыкты сен баары бар деп түшүнбө,
Байлык деген -
Сезбей калуу эмнеси жок экенин.

Жакырлыкты
Эч нерсеси жок экен деп түшүнбө,
Жакырлык бу - сезбей калуу эмнеси бар экенин.

*30.12.23.*

***

Жүрөктү титиретип
Артымдан шыбыр-шубур сөз кылдыңбы?
Жамгырда калды денем
Жабыккан жерге мени өстүрдүңбү?

Ишенээр элем жакшы көрөрүңө,
Сен дүйнө
Чоочун эле турбайсыңбы.
Аябайт тура жаның жандууларды,
Талкалап бузгуң келип пайдубалды.
Жакшынын жакшылыгын көтөрө албай,
Жакшынын жамандыгын көкөлөтүп,
Ичиңден дайым шайтан күлүп турат.
Тааныса-тааныбаса,
Керекпи, кереги жок
Көөнүңдө дайым бир ит үрүп турат.

Мен сага
Төгүлгүм келди бирок канча ирет,
Өлгүсү келген эмес аруу тилек...

Эй чоочун дүйнө, арсыз!
А кечээ өлдүң менин көз алдымда.
Элестет, өлгөнүңө кайгырбадым.
А көрсө адам шүмшүк,
Көтөрөт тура жаны
Шүмшүйүп бүт бардыгын.
Айрыкча, жакынынын итчилигин.
Ой кудай ай!
Ушундан билет тура күчтүүлүгүн...

Жанымда бирөө жүрөт,
Мен дагы Кыялмын дейт,
Оозун чоюп.

Ак көөнүм кетти каңгып,
Өзүнө өзү ушунча чоочун болуп...

Мен сени дүйнө ушунча
Ойлонбой гана жакшы көрөр элем...

***

Адам кургур ашыкча айла көтөрүп,
Жанын жанчып, суусап, чаңкап, кесээрип,
Мактоосуна арзыйын дейт кудайдын
Балким ушул убарадыр өтө жүк.

Акыл менен баарын жеңил кабылдап,
Аткарчу ишке ак жүрөгү жалындап,
Таза ойлонуп, так жүргөнү оң окшойт
Калган ишке калгандары табылмак.

***

Карачы, АДАМ Айды, Күндү баш кылып,
Баш ийдирип алды өзүнө жаш туруп.
Темирге жан киргизди да, кудурет
Азабы укмуш акылына азгырып.

Алаканга салып алып бар жанды,
Алты айланып чыкса болот ааламды.
Мына ушуну дагы адам тааптыр
Дагы кандай айла жасайт адам бу?..

Баарын жасап көрсө да ушул адамзат,
Көрө албаган бойдон калды жакынын.
Дагы деле амал издейт күн-түнү
Ким бирөөнүн уурдап алып акылын.

Айда жүрсө деле акылы айланып,
Айран-сүткө акча таппай, байланып.
Адамдыкка ач көздүгүн кошо албай
Дале жүрөт эки ортодо чайналып.

Эки жүздүү мүнөз күтүп жаны узун,
Акылдуулук дечү болду анысын.
Оо жараткан, адам ойлоп таап алды
Алпейимдүү «адамдыктын» жаңысын.

Көргөн жерде баса калып жалганды,
Бетин тытып, чачын жулуп алганды,
Унутушту, унутушту, уят эй!
Адам кантип ушул жерден алданды?

Уят эле эми ушуну унутуу.
Өлдү ушинтип
Чындык үчүн урушуу...
Жыла басып, жылмайганга жылмайып,
Жүрөт жакшы жылмалардын турмушу.

***

Шордуу сүйүү,
Күлкүм келет сага азыр,
Сен бармын деп тирүүлүктө,
Эсиңдеби, көкүрөктү какканың?
Көпөлөктөй көккө учуруп жанымды,
Аёо дүйнөм алып туруп
Алоо отко жакканың.

Эссиз эле экенмин:
Көрсө жүрөк сени эмес,
Мезгилимди сүйүптүр,
Көрсө жаным сага эмес,
Жаштыгыма күлүптүр.
Анан ошол
Күнү-түнү аянбай
Төккөн көз жаш
Сен үчүн да болбоптур,
Ал болгону
Ыйы менен
Өзүн-өзү коргоптур...

Сүйүү, азыр сени бар деп айтышса,
Мыйыгымдан күлүп коём,
Чындап чайкайм башымды.
Дагы кимге төктүрүүгө
Баратасың байкушум ай,
Арман толгон жашыңды?..

## Калемдешке

Ушу мезгил сага чоочун сезилип,
Жүрөсүңбү өзүнчө бир дүйнөдө?.
Дүйүм-түркүн дүнүйөгө кызыккан
Жанга кейип дүйнөлөрү түрмөдө.

Сага күтүү милдет өңдүү ааламдын
Эч ким даабай турган эстүү азасын.
Сага такыр тиешеси болбогон
Бир тагдырга ыйлап бара жатасың.

Тириликке комсоо, жалкоо көрүнгөн,
Кенебеген кебетеңди сүйүшпөйт.
Сага кудай күнү-түнү бошобос,
Жоoптуу ишти тапшырганын билишпейт.

Убакытка энчи болуп берилген.
Периштесиң балким көзгө көрүнгөн.
Кими тааный алчу эле бактысын
Ошол үчүн жаның өксүү өмүрдөн.

***

Чындык, чындык, сен жанымда жүрө көр,
Тагдыр берсин сени менен бир өлөөр.
Сен баш катпай, башты бийик көтөрчү
Балким сени издеп жүрөт бирөөлөр.

Бу дүйнөгө неге келдим болбосо,
Сени деген гана жарык, колдо ошо.
Мен сен үчүн кол үзөрүм дагы чын
Боор эт менен тең жан сени кордосо.

Сен бар үчүн көзү тике жетимдин,
Сен бар үчүн сөзү бийик жесирдин.
Багы бактай, агы актай жакшына
Азабы да азап эмес кечилдин.

Ооба сенин үнүңдү аз эшиткен,
Азап жедим адатыңдан кечиккен.
Сенден бөлөк таянаарым дагы жок.
Сен бир Кыдыр мага кокус кезиккен.

Чындык, чындык, сен жанымда жүрө көр,
Тагдыр берсин сени менен бир өлөөр.
Сен баш катпай, башты бийик көтөрчү
Балким сени издеп жүрөт бирөөлөр...

## Классташыма

Эх, классташым! Тамырлашым!
Эч ким жетпес
Сендей бийик караанга.
Мендей сени жакшы билбес,
Ата-энең да, аялың да, балаң да.
Тунук кезиң менде гана,
Азыр дагы ошол бойдон тунуксуң.
Балалыгым сенде гана
Ошол үчүн ыйыксың.
Балким башка жакындарга
Кудайга да кирдеп-кирдеп барасың.
А сен жалгыз бир мен үчүн
Көз алдымда тунук бойдон каласың.
Мени менен кошо дүйнө тааныдың,
Сени менен көп нерсеге таң калдым.
Сен экөөбүз чогуу мээни оорутуп
Канчалаган эсептерди чыгардык?
Эсептешкен жокпуз бирок
Ооба, андан уялдык.
Тапкан-терген байлыгыбыз,
Баа эле го болгону
Баса ошолор каякта?
Бай эле го «5» алгандар,
Күндө түшүп тойлору.
Бар эле го анда аларда баарысы.
Ошол бойдон калбады ээ негедир
Биздеги ошол тагдырлардын жарышы?
Бала деген баёо, таза көз менен,
Биз ааламды чогуу, бирдей кыдырдык.
Эртең менен чогуу үшүп кышында,
Мешке жаккан отко чогуу жылындык.
Кардай элек
Аяп жааган башыбызга бубактай.
Бир-бирибиз аячубуз  а бирок,
Өзүбүздү эч аябай

Канча ирет калың карга жыгылдык?
Азыр жааган карды карап,
Боюм тосуп бере албай эч эле
Жаман жанды аяймын.
Түртүп ийсе болот эле деп анан
Кыркка чыккан сени дале караймын.
А кар болсо баягыдай
Актыгынан айныбай
Жаап жатат жөн эле.
Канча ирет санаа тарттык опокшош?
Тапшырмалар окшош эле андагы.
Кээде жалгыз бирөө гана аткарып
Көчүрчү эле калганы.
Бүт баарысын куткарганча шашчу эле
Бирөө тапса айланы.
Азыр болсо
Ар бирибиз өз-өзүнчө түйшөлүп,
Өз-өзүнчө аткарабыз тапшырма.
Көчүртпөйбүз, айтпайбыз да, бербейбиз.
Ар бирибиз күндө «5» тен
беш жүз, миңин алсак да.
Азыр дагы сен жетишпей кетесиң,
Көчүргөнгө тапшырмасын тагдырдын.
Көчүрткөнгө бир да сендей жан таппайм
Бир уйкашын таап алганда жакшы ырдын.
Эх классташым! Бу дүйнөдө
Сендей жанды
Кайдан таба алмакмын.
Ал үчүн мен керек кайра төрөлүүм.
Кайра баштан дүйнө керек башталуу,
Кайда катам кадамдарды ташталуу?
Ал үчүн бүт
Кайра баштан
Тазарышы керек
Аалам кареги.
Ошол колдон келеби?!

***

Тилегине мекен баткан адамдын,
Жүрөгүнө кенен батат калганы.
Эркин өлкө – сеники, анан меники
Эгемендик - канчалардын арманы?

Азаттыктын туусу турса желбиреп,
Азап бизге азап болуп сезилбейт.
Жүрөгүндө эркиндиги бар Адам
Эч-эч качан мезгилине жеңилбейт.

Кылым-кылым, кылым кезип аталар,
Бизди ушул жаркын күнгө жеткирген.
Карачы укмуш колубузда бир БАКЫТ -
Көз каранды эмеспиз биз эч кимден.

Сакташыбыз керек ушул мезгилди,
Эгемендик - колдогу куш таранган.
Балдарыбыз балдарына жеткирсин,
Балдары анын эркин болсун алардан.

***

Жарыгын көрүп борбордун
Жакшы эле келди ойлонгум...
Жарашпаган а бизге
Жашообузду ойлондум.
Жакпасам мейли жакпасам.
Калемдин кандай пайдасы
Калыстык сөзүм айтпасам?
Ааламды оку күнү-түн,
Анындын кандай пайдасы,
Апаңа чалып телефон
Ардактуу сөзүң айтпасаң?
Аңтарып кетет жүрөгүм
Айгайлап сүрөт жиберип,
Американды мактасаң.
Аныңдан кандай маркабат
Түртө салып апаңа
Балдарыңды бакпасаң?

Халтурщик тура деп коем
Галстукчанды көргөндө.
Келбесе экен дей берем
Жок дегенде ошолор
Таланттуу акын өлгөндө.
Өлүктүн туруп башына
Өлгүдөй укмуш кеп айтат.
«Өлбөсөң эмне!» - деп айтат.
«Мен сени жакшы көрчүмүн»,
- деп жанынды күйгүзүп
Кара жанын жеп айтат.

Чындыгын айтса бир кашкөй,
Чычалап баса калабыз.
Төгүндү төргө чыгарып,
Чыркыратып алсызын
Төө бастыга алабыз,

Төпөштөлгөн чындыкка
Ошондо күлүп-каткырып
Аянбай колду чабабыз.

Чүмкөнгөндөр көбөйдү,
Жарыктан каткан баштарын.
Аңдоо барат кыйындап
Акыйкатын, акмагын.
Жашабай жатып бүгүндү,
О дүйнөнү кеп кылат.
Чындыкты айтсаң бетине
«Шайтансың сен» деп чыгат.
Минте берсе акыры
Кыргызды кыргыз жеп тынат.

Тарткылыкпы же таалайбы
Таарынганды билбеген?
Жагымпоздук эмеспи
Жанга жакшы сүйлөйбүз
Жаныбыз деги сүйбөгөн.
Издечү болдум ийнедей
Адамдарды акыйкат
Оңоюу менен күлбөгөн.
Сүйбөгөнүн жашырбай
Сүрү менен сүйлөгөн.

Чын-төгүнүн билбейбиз
Сөздөрдүн жакшы жалбарган.
Уялат элек качан биз
Коррупционер чалдардан?
Жок дегенде ушу биз
Уялсак экен балдардан.

Ичинден ыйлап, сыртыңдан,
Күлгөн күн качан жашынат?
Итиркей менен жашаган,

Ит дүйнө качан басылат?
Илбериңки ойгонгон
Ичимди кетет сел алып
Иймектей жаным чачырап.
Мындан көрө чын эле,
Суукту суюктай үшүгөн
«Ичикий» деген сөз жакшы.
Жаманды карап жашырбай
«Ий жаман» деген көз жакшы.
Биз качан жок дегенде
Жарашыктуу ыйлайбыз
Жараткан берген көз жашты?..

*21.01.2023.*

***

Жаралгандан эле дүйнө ушундай,
Гүл көтөрүп келе жаткан жигиттей.
Жаралгандан эле жүрөк ушундай
Ат чабышка жаңы түшчү күлүктөй.

Жаралгандан эле көңүл ушундай,
Гүл өмүрлүү өлүп кайра тирилген.
Жаралгандан эле сезим ушундай
Жаш баладай энесине сүйүнгөн.

Жаралгандан эле баары ушундай,
Сыны жазбай жашап келет таптаза.
Анан эмне болду? Ошол бир азап,
Жаралганда акыл болчу башкача...

*01.04.2023.*

## Айсулуунун ыры

Жонуман түш, жеңүүчүдөй караба,
Жолум башка, жолдор болсун сага да.
Жылга айланган, айга айланган дымагың
Жыйырма секундда жыйып коём, садага.

Илип кетем, ишенбегин күчүңө,
Ийгиликтүү илбирс кирет түшүмө.
Ишиң бүтмөк эбак эле жарыгым
Эл кызыктуу оюн көрсүн кичине.

*11.08.2024.*

***

Бакыт эмне? - деди бирөө бак туруп,
А мен аны кучактадым каткырып:
“Адам деген адамга ушу дүйнөдө,
Жөн гана бир жасаш керек жакшылык”.

Көзү менен көкүрөктү көзөгөн,
“Дүйнө эмне?” - деди бири көчөдөн,
“Дүйнө, дүйнө, дүйнө деген бир гана
Ак кызматың ата журтка өтөгөн”.

“Жашоо эмне?” - деди асман бир күнү.
«Сенде эмеспи эң бир укмуш түркүмү?»
Асман айтат: «Менде эмес, сендеги
Колуңдагы нандын бир ууч күкүмү».

“Оокат эмне? Түгөнөбү түйшүгү?” -
Кош бойлуу бир келин тиктейт күлкүлүү.
Көпкө күлдүм, күлдүм дагы жооп бербей
Кетип калдым, акыл менен уйкулуу.

Эмне эле күлдүм дедим куруткур,
Эми ойлосом, жүрөк бирди туюптур:
Бакыт, дүйнө, жашоо үчөө биригип
Анын ошол турпатында туруптур.

*16.08.2023.*

## Кубанганда

Ырас эле төрөптүрсүң, энеке,
Карачы эй,
Адамдардын жакшысын!
Булар жакшы болуп мага турбасын
А сен өзүң жаралгандан жакшы үчүн?

Ырас эле чоңойтупсуң, апаке,
Карачы эй,
Бу дүйнөнүн кененин.
Дүйнө кенен болуп мага жүрбөсүн
А сен анын билген үчүн себебин?

Ырас эле окутупсуң, атаке,
Карачы эй,
Бул ааламдын чексизин.
Аалам мага чексиз болуп жүрбөсүн,
Акылыма тарткан үчүн эскизин?

Ырас эле сүйүптүрсүң, сүйгөнүм,
Карачы эми,
бу жашоонун жыргалын!
Мага дүйнө жыргал болуп жүрбөсүн
Атың Жыргал болгон үчүн жыргалым!

Ырас эле төрөптүрмүн, балдарым,
Карачы эй,
Тийди элге жардамым.
Мага жетет, мага болот бир гана
Күндө ушинтип бир сүйүнүп алганым.

Ырас эле келиптирмин өмүргө!
Ырахмат эй, ырахмат эй Теңирге!!!

***

Шүмүрөйө түшөт менин жүрөгүм
Шүмшүңдөгөн шүмшүк акын көргөндө.
Алар чындап жашайт экен көбүрөөк
Жаны жыргап тирүүсүндө, өлгөндө.
Мен ишенбейм
Чыныгы акын жашайт дешет миң жылга.
Кереги эмне ага эми миң жылдын,
Тирүүсүндө күндө өлсө тирүүлөй?
Дүйнөсү бүт баш аламан ургандай
Сүйүүсү да болсочу бир сүйүүдөй.

***

Кайда өмүр катарынан чачылбаган?
Ичимде бороон жүрөт басылбаган,
Сүйүүгө алым жетпей бара жатам
Не дүйнө азыр мынча асыл маган?

Ойлонбой бүтүн дүйнө батканындай,
Жүрөгүм кең болсо ээ асманымдай!
Эмнеден аянасың, эй, тирүүлүк?
Кайтала өмүрүмдү жаш чагымдай.

Сок жүрөк, делбиреп сок, жалындачы,
Эртеңдин бейпилинен жаңылбачы.
Кай максат, кай мүдөө да, кайдагы өмүр
Адамдын жоголгондо жалын жашы?

Калды эле канча дүйнөм ачылбаган,
Не турмуш азыр мынча асыл маган?..

***

Качанкы бир сезимдерим үлбүрөк,
Жазгы жамгыр менен бир аз себелейт.
Аны кайдан билмек, сенин буттарың
Баткак болгон жаандын суусун тебелейт.

Ошол жайда турам кайра, баягы,
Бизге жааган нур калыптыр киндиктүү.
Кап ошондо неге кеттик түшүнбөйм
Жарык таппай коюп кайра келдикпи?

**Агаруу**

Эх Арашан, билеби аны билбейби,
Ала салып, ала салып агууда.
Адамзатка жетээрби дейм бир күчү
Бул дүйнөдөн аппак кылып алууга.

Тыңшап турдум, шоокумунан танбаган,
Узун жомок айтып бүтө албаган.
Сезимимде бир от күйдү бүлбүлдөп
Шыңгырынан орошон ой кармаган:

«Таарынбасам, таарынтпасам жарыкта,
Жардамымды аябасам карыпка.
Карабасам, көрбөсөм да, укпасам
Жолу башка мени менен жарышса.

Жиндебесем, жанга тилим тийбесе,
Түшүнбөсөм, бирөө мени тилдесе.
Байкабасам, туйбасам да, сезбесем
Жүрөк ооруп, көөнүм кокус кирдесе...

Кучактасам баарын жүрөк эзилип,
Күндө турсам периштеге кезигип.
Жакшы гана эске түшүп жаңылбай
Жамандарын турса дилим өчүрүп.

Ыйлабасам, күлкү болсо билгеним,
Кыйналбасам, уйку болсо бар демим.
Чачырасам, чарчаганды билбесем
Окторулсам, жолуккандай сүйгөнүм.

Кенебесем, баарын бирдей кечирсем,
Уялбасам, жүрөгүмөн чечилсем.
Бийлесем да, ырдасам да, жыргасам
Бар табият көркөмүнө көшүлсөм.

Кыйкыра алсам, бирок жанды жылытсам,
Урунсам да урушканды унутсам.
Шарпа-шурпа шаңым сиңип жүрөккө
Таалайынын таңын эске уютсам...»

*31.08.2024.*

## Жакпайт мага

Жакпайт мага өтө жакшы адамдар,
Чын, булардын жүрөгүндө мандем бар.
Жакшы болуу мүмкүн эмес жалганга
Булар чындап жакшы болбой калгандар.

Жакпайт мага өтө таза адамдар,
Оо булардын көңүлүндө жалган бар.
Сүртүп, түртүп, жышып турат өмүрүн
Тирүүлүккө ишене албайт андайлар.

Жакпайт мага акылдуулар ашынган,
Билбегенин билгениндей жашырган.
Мүмкүн эмес билип өтүү дүйнөнү
Бир ката бар өмүрүндө басынган.

Ыйманына миң тирилип, миң өлөөр,
Жагат мага оң-тетири бирөөлөр,
Жашыра албай жамандыгын жалганга
Карс-карс күлсө күбүлгөндөй күнөөлөр.

Жакшы экенин жашырат да, мертинет,
Жүрөгүңө жылуу чындык чертилет.
Бу жалганды жамаганга чакырып
Бу дүйнөнү оңдогуңду келтирет.

*12.09.2021.*

## Эне тили буларга эмне кылды?

Капилеттен өчтү ээ көөнүм тоодой?
Кап, кантейин бул жерден өтпөй койбой.
Боор көтөргөн борбордун көчөсүндө
Келе жаттым мен анча кыргыз болбой.

А бул эмне? Бул бала бакчаң экен.
“Солнышко” дейт. Сонунду тапкан экен...
Бала бакча ээсине жан кейиди
Бу кыргыздар жанына баткан экен...

“Бистро” дейби? А кокуй, бул эмнеси?
А бу – “Глобус”. Мунусун билем дечи...
Бул не жазуу, булар ким, французлдарбы?
“Jetem, jetem”, эх француз, сүйөм дечи...

“Секонд хенд” дейт, “Инвитро”, “Суши вилли”,
“Rai Ber”, “Aisu”, “Isko brend”, түшүндүңбү?
“Freedoom Group”, “Proremont”, “Тоот” дейби?
Тил эле эмес, дил менен тишим сынды.

“Өз тилиңде жазба!” деп кими тыйды?
Өз үйүндө отуруп неге сынды?
Көз көрүнөө көзүнө чөп салгыдай
Эне тили буларга эмне кылды?

“Башыңа кайнак сууну куям” деген,
Жаң-жуң келе жаткандай ураан менен,
Жашаганга жаныңа не күч келди
Кыргыз кайда, каганат курам деген?

Ушу эми кимге эле жагат десең?
Силерди мен чын эле аяп кетем,
Бирөөнүн сырт киймин сурап алып,
Бербей кийип жүргөндөй элестетем.

Өз оюн айта албаган бечарадай,
Эми аны ойлонгондо не чарадай.
Колго түшкөн бирөөдөй бүжүрөйсүң
Өз атыңды кыргызча атай албай.

Жүрөгүмдөй тилинип эне турат,
«Келбе!» - деген сөзүңдөй жеме турат.
Башка тилде аталган жайда аёосуз
Өз энесин аткандай жебе турат.

Башыңа не иш түштү, жарылчу жер?
Башка улуттун сөзүнө кайырчы эл.
Өзүн өзү өчүрүп, өзүн өзү
Кантип ушуга барды экен байыркы эл?

Жүз жыл болду, болоору бүт болду да,
Бизге баары бир эми, ким болгула.
Кыргыз бойдон төрөлгөн, кыргыз бойдон
Жок дегенде балдарды тим койгула.

Кайда барат жатканым билбей калдым.
Кайда калды? Неге өчтү дилде жалын?
Мен го, менмин, көтөрөм, жүрөгүм жаш.
Атам укса не болот мунун баарын?

## Суроо

Мен тажадым,
Ушунча тажадым эй!
Биз кайда баратабыз, билесиңби?
Оо маңыроо, ишенчээк карлыгачым!
Оо биздей кийинкини
Кудайым акыл-эстен айрыбасын.
Ушунча көзүбүзгө
Акчанын майы таамп-тама берип,
Кислота сыңар
Чыжж-чыжж өрттөп барып,
Көөдөндү тешип салды намыс толгон,
Көңүлдү оюп салды
Баарына калыс болгон.
Тамактан башка эми
Не калды бизге ыйык?
Болгон күчтү ошондон чыгарабыз,
Ооба ошо, ошол эле болуп калды
Биз чыкчу мунарабыз.
Бийик максат болбоду
Тойдон бөлөк,
Маарасын көр кыргыздын
Чуркап жеткен.
Рух марафон, акыл-эс
Өлгөн демек...

## Кадыр

Жай болуп жаркып, жаз болуп аңкып
бергиң бар,
Жайыңды билбес жандарга анча кор болдуң?
Адамды адам таарынтыш үчүн келгендей
Оңолбос адат,  аны не анча ойлондуң?

Күн деле бизге төккөнү менен мээримин,
Жамгырын төгөт, каарын да төгөт акыры.
А кантсе болот адамдар, билбейм, өтө оор
Кадырын жыкса канына сиңген жакыны?

Бир ушул күнү бир-бирин кыйбас жан үчүн,
Алдына жайып не болсо баарын, жыйганым.
Өрт кечип кеттим, өрт алып турчу жайда анан
Каланып калган кадырым үчүн ыйладым.

## Бирин-бири

Шашпаган да, бири-биринен ашпаган,
Бири-бирин оюнда да сатпаган.
Эки кары автобуста келатты
Сүйүп турдум көңүл менен батпаган.

Жалгыз гана жакыны ушу эмеспи,
Бири-бирин сезип турат керектүү.
Ооба, мындан бөлөк бири калбаган
Өң таанышы ушу кымбат, эң эски.

Мээрим болуп кеткен экен күн бүгүн,
Аяп карап келе жатат бир-бирин.
Көздөрүндө бир ишенич жаңырат
“Сен гана ушу билесиң мен кимдигим”.

Телефондон балдарга кол булгалап,
“Кетип бара жатабыз”, - деп жылмаят.
Бүткөн жолдон кайда кетип баратат?
Балким биздин эс жетпеген бир тарап,
Айтор, кайда баратса да бир барат...

***

Көңүлүм ченебечи өмүр менен,
Тар, билем, көк асман да жанында анын.
Мен канча сүртүп келдим жеңим менен
Күзгүңдөн көргүм келип жалын жаным.

Жаппачы көздөрүмдү колуң менен,
Көрүүгө жаралганмын жакшылыкты.
Мен сага бергеним чын жолум менен
Өзүмдү, өмүрүмдү, жашчылыкты.

Тоспочу тоолорумду денең менен,
Ансыз да таанbackбаймын башка жанды.
Мен сенден бир гана ушу көрөөр күнүм
Билбеймин алдыдабы, артта калды?

Кучакта, кучактачы жөн гана ушу,
Бир гана кучагым бош сага деген.
Кечиргин, кечире көр, мен бир шордуу
Сенден не күтсөм баарын тана берем...

**Жердин өзү макулбу, сурагыла!**

Кимге айтам, ким угат дейсиң мени?
Айтуу милдет чындыкты эсимдеги.
Жер үчүн жемелешип бирин-бири
Боорлорум  уруш менен кечиндеги.

Козголдуң, оо жер эне дагы мына,
Ээ болбой байыркы бир турагыңа.
Сен бир үн катчы жакшы баш көтөрүп:
«Мен өзүм макулмунбу, сурагыла!»

Суу - жашоо, суу - ырыскы, көлгө сийбе,
Бабалар изи калган жерге тийбе.
Кейишке калгың жок ээ Кемпир-Абад
Жүрөгүң макул эмес бул чечимге.

Жээгинде балык кармап бала жүрөт,
Жер билет анан аны, талаа билет.
Байыртан берки ушул жай турмушка
Кол салуу - кечирилгис кара ниет.

Көл эненин шыбырап бир кулагына,
Чын көңүлү бар бекен, сурагыла!

*30.10.2022*

***

Эшикте кар жааган эле,
Кирип келген суук бороон.
Жалбырактар түшүп калды көк бойдон...
Эл катары карыбайм деп,
Табиятка каршы чыгып бариктер,
Жашап жаткан эле кечээ,
Жылуу күздүн койнунда.
Түбөлүктүү өмүр турган мойнунда.
Кара, эми бүгүн болсо,
Жер да аны тааныбай,
Көргөн жандын көзүнө да коошпой,
Жапжашыл түс кор болуп
Жерде жатат жапжаш өмүр
Ак матага таамп кеткен боёктой...
Жалбырактар түшсө түшсүн жаш бойдон,
Жашыл өңдөр жайнай берсин ак жолдон.
Эң башкысы, Теңирим,
Адамдардын узун кылчы өмүрүн!!!

*06.11.2025.*

## **Пейил кудурети**

Кантип, кайдан, кайдан болот жакшылык?
Чакырабы адам өзү жалбарып?
Анда кантип, кайдан болот жамандык?
Ага адам кайдан калат кармалып?

Кээ бир адам өмүр бою бактылуу,
Кээ биринин балээ кетпейт башынан.
Кээ бир тагдыр ачуу, ысык бактысыз
Жаралгандай кудайдын көз жашынан.

Же жараткан дайым бизге жылмайып,
Ал жөн гана Күн, Ай болуп күлбөсүн.
А адамдын азабы да, арманы
Ниетинен эле болуп жүрбөсүн?..

Согуш токтоп калып жатат, ким билсин,
Энелердин үмүт арткан көзүнөн.
Айылдагы аталардын жөн гана
«Башың аман болсун!» деген сөзүнөн.

Демек, сөздүн жаны өлбөйт, ошондон,
Кудай угат, кудай көрөт, кечирет,
Бу дүйнөдө аяр мүнөз адамды
Пейили таап, пейили гана өчүрөт.

## Бакыт, сени байкабасам кечиргин!

Ушул ирет каар байкабас, зар уккус,
Үлп дей түшүп, жаздын зээни бир укмуш.
Элжиретип, делбиретип денемди
Жүрөгүмдөн учуп чыкты бир ууч куш.

Керемет жаз! Келбетиңдин эрки да, эй!
Кездешүүгө келе жаткан селкидей.
Дагы жүрөк кетип калбас бекен ээ,
Ушул соңку зор бакытты ээрчибей?

Ээх, сен бакыт, менин дайыным кеч билдиң,
Жок, жаңылам, сенин барың кеч билдим.
«Бир үлпөттө кийермин» деп кийбеген
Сандыктагы көйнөгүмдөй эскирдиң.

Алаканын өөп турам баламдын:
«Наным бышты, сүтүм бышты, каралдым!»
Ар биринин демин кошуп жасадым
Күндөлүккө эжей койгон баалардын.

Бизден бөлөк башка бакыт билбеген,
Балам ойнойт анан ушул үй менен.
Жашып турдум жаратканга жалынып,
Жакшылыгын ойлоп, ага тийбеген.

Бир ирмемин көргүм келип кечилдин,
Билбей туруп сени издеп эсирдим,
Маңдайымдан күндө балким сыладың
Бакыт, сени тааныбасам кечиргин.

Канча жылдар камын ойлоп сезимдин,
Канаттарым кайрылганча эзилдим.
Миң-миң ирет келдиң балким үйүмө
Бакыт, сени байкабасам кечиргин.
*23.04.2023.*

***

Баатыр дешет мекен коргоп жүргөндү,
Балбан дешет бир балбанды жеңгенди.
Ким дейт болду экен ушул дүйнөдө
Ар күн менен күрөшкөндү билгенди?

Чайкады эле аны турмуш ар кандай,
Чайпалбады, баарын жеңди тайманбай.
Апакемдин пейилине таң берем
Кудай менен макулдашып алгандай.

Апакемдин кубатына таң берем,
Кудай менен макулдашып алгандай.

*19. 05.2024.*

## Өзүмдү өзүм тарбияга чакырганда

Мен күнмүн,
Тирешпеймин,
Чекеге атам десең,
Чекеңден сылап коем.
Мен күндүн өлгөнүн эч көрө элекмин.

Мен аймын.
Капа болбойм.
Мейлиңер, урушсаңар, түнөрсөңөр.
Караңгы жайды жарык кыла берем.
Карарсаң дагы жайнап тура берем.
Анткени мен
Караңгы жайдан өчүп көрө элекмин.
Айлаң бир түгөнгөндө
Агарып кеткен укмуш,
Таңдай бир сөгүлөөрсүң жарык үчүн.
Апапак болуп алып
Бетимен өбөөрсүң күн нуру болуп
Таарынган айбың үчүн.

Мен суумун.
Каршылык көрсөтө албайм эч кимиңе,
Бир гана акканымды токтотпоймун.
Таарынып, тетир карап коштошпоймун.
Жууй берсем шарым менен, шаңым менен
Тазарып кетээр анан тажагандар.
Тазартаар кайра мени таза жандар.

Мен жермин.
Таарынбаймын.
Көтөрөм баарын, баарын.
Эмнесин аяйын эх тирүүлүктө,
Нени гана көрбөгөн жалын жандын.
Эх анан,

Сен жаным АДАМсың да,
Сен дагы серпилээрсиң,
Кудайга күнөөсү жок барыш үчүн.
Чыдайбыз биз ошентип
Бирибиз бирибизге
Жарыкта АДАМ бойдон калыш үчүн.

***

Булбул сайрап калган окшойт ушу миң,
Түшүнтө албай адамдарга ысымын.
Канча таңдын шүүдүрүмү кургады,
Күтүп жатып колдорумдун ысыгын?..

Күндө Күн да чоң иш үчүн жан үрөп,
Улуу тоонун чокусунан көрүнөт.
Анан нуру аласалып кеткендей
Аялуу өмүр кокусунан төгүлөт...

Мен ким болуп келгендеги кезим бу?
Таппай кетсем кечире албайм өзүмдү.
Бир кылымдар мени күтүп жүргөнсүйт
Эки сапка баткан ыйык сөзүмдү...

*8.04.2024.*

## Өзгөргүсү келе берген адамга

Адам болгуң келди, билем, каралдым,
Ар жолуна түшүп алып амалдын.
Канча өзгөргүң келип, жанды чайкадың
Өзгөрүлбөйт тура дили адамдын.

Өзгөрүлбө, ушу өмүрдүн чын сыры,
Мейли сенде болсун дүйнө ыр-чыры.
Ашыгы жок, кеми да жок бу турмуш
Сени менен жамалат бир жыртыгы.

Мейли сенден жакын кетип жоголсун,
Анысына деле чыдап коёрсуң.
А сен балким бу ааламга ушундай,
Кемчилигиң менен керек болоорсуң.

Сен суктанган жандар мени кейитет,
Сырты укмуш, ичи бузук келишет.
Кадыр күтүп, атак күтүп адамдар
Калп жашоого өткөн күнү өлүшөт.

Сен өзүңдү жеригенде денеңен,
Жүз үйрүгөн болуп жүрбө энеңен?
Эч ким болсун деген эмес ошондо
Сени энең сен болсун деп төрөгөн.

Сен өзгөрсөң болот беле бирдеме?
Сен өзүңдү жоготуудан кирдебе.
Бул жашоодо бир утушуң ушунда
Энең билген бойдон калсаң дүйнөгө!
Энең тапкан бойдон калсаң дүйнөгө!

*16.01.2024.*

***

Күүлдөп, дуулдап, күлүп, ыйлап, каткырып,
Бирин-бири жек көрүп да, жактырып,
Таарынышып, тартып-түртүп, жакалап
Көздөрүнөн ыргып-ыргып жаш чыгып.

Кыйкырышып, жулкунушуп, жинденип,
Кайра ичинен уялып да, ийменип,
Жүргөн жандар кандай гана бактылуу?
Алар алган жаш кезинде үйлөнүп.

Ушул үйдө турмуш жашайт чыныгы,
Алардын жок көңүлүндө сыныгы.
Мына жашоо - күндө жаңы башталган,
Мына ушинтип сакташ  керек сүйүүнү.

## Эне тилдин сөзү

Уңгуңа кайт кыргызым, улутка бар!
Мен үчүн урушкула урушсаңар.
Силерди жок кылганга күчүм жетет
Сенделип силер мени унутсаңар.

Сен мени менен гана адамсың да,
Сен мени билбегенге жамансың да.
Сандалып ким экениң таанылбаса
Сандаган улуттардын арасында.

Жашап не, жаркылдап не кабинетте,
Кайтып не үй-бүлөңө ар бир кечте.
Кимдигин айта албасаң балдарыңа
Барбагын андан көрө алың жетсе.

Жөн жерден учугуңдан үзүлбөгүн,
Жөн жерден жөөлөгөнгө бүгүлбөгүн.
Көтөр да көкүрөктү, баса бергин
Ар дайым а мен сенин үйүңдөмүн.

Барктаган үмүттөрдүн күчүн көрсөң,
Башка тил, башка дилде үзүлдү эчен.
Ыргытып жибер, дагы кыргызча жаз
Көтөргөн кагазыңды түшүнбөсөң.

Уңгуңа кайт кыргызым, улутка бар!
Мен үчүн урушкула урушсаңар.
Силерди жок кылганга күчүм жетет
Сенделип силер мени унутсаңар.

Улуттун наркы үчүн жарышы жок,
Убара өмүр кимге? Намысы жок.

***

Издеп жүрүп өтүп кетти бир өмүр,
Билбейт элем анын эмне экенин.
Атак беле, кызмат же ким бирөөдүр,
Сүзүп көрдүм эшиктердин эченин.

Аягында жададымбы ким билсин,
Колду шилтеп жатып алдым жакшына.
Келээр күндү жаап алып үстүмө,
Өткөн күндү салып алып астыма.

Күлкүм келет десең анан баягы,
Темселеген күндөрүмө жашыктуу.
Жүрөгүңө бакыт келет окшоду
Сен издебей калганыңда бакытты...

## Азыр жаша

Бир орунда тура албаган, турбаган,
Ойлор сени жатат мына кемирип.
Ошондуктан жашай албай жүрөсүң
Бардыгына жаш балача берилип.

Ач көз сенин жүрөгүң да, дилиң да,
Пейилиң да ою дайым бир кемде.
Ээ болгусу келген үчүн дайынсыз,
Азыркыга, кечээкиге, эртеңге.

Ойду жыйна, керек болсо ойлонбо,
Жашоо жеңил, ойдун эмне кереги?
Ойлоп жүрүп бул өмүрдө тапканың
Айла-амалдуу адамдыгың элеби?

Буга чейин эле бизге адамзат,
Жашоо кандай бербедиби аныктап,
Эми дагы эмне издеп жөнөдүң?
Жанталашып бар нерсени карыздап...

Кудай өзү бере турган нерсени,
Куулук-шумдук менен издеп тапкың бар.
Башың чытып, жаак таянып алганың
Азабыңбы, арманыңбы, бактыңбы ал?

Кайсы убак, кандай жерде жүрбөгүн,
Адамдарды келе берет башкаргың.
Асман калды окшойт башсыз-аяксыз
Күндү айдап алаарыңа аз калдың.

Өткөнүңө өкүнгөнгө акың жок
Кечээкиби? Болду, жок ал, эстебе.
Маңдайыңа маанайы ачык, башкача
Өзү келген өмүрүңдү өкчөбө.

Сен баардыгын алаканда айлантып,
Тургуң келген кур дымагың күлдүрөт.
Бүгүн жаша, азыр жаша жаркырап.
Эртең балким келбейт сага... Ким билет?

## Жүрөк оор

Миңдеген адам баткан жүрөгүмө,
Ишенбей сенин жалгыз түнөөрүңө,
Көнө албай көпкө жүрдүм,
Мен батырган ааламга караганда
Чынында сен аябай оор экенсиң.
Жүрөгүм салмактанат,
Сен жокто дүпүрөйт да,
Сен барда жайлап калат.
Кээ күнү кутула албай карааныңан
Азапты берген жалгыз сен өңдөнүп
Жүрөккө киргизген күн каргап калат.
Ээ, аным кеп эмес да
Сен эле эмес
Сен келаткан алыскы,
алыс жактын
ааламы укмуш жарык боло түшүп,
Көздөрүм бир башкача жайнап калат.
Жүрөгүмө хан шайлап,
Тактыңа отургузуп
Бүт бардыгы жол бошотуп кеткен күн
Болбой калса,
билбейм кандай жашоо болмок деп коём.
Э мейличи жүрөк кургур курусун,
Оорлосо да жүрө берсин сен менен.
Ушундайда адам сезем өзүмдү.
Жүрөгүмө от каланды канча ирет
Өрттөн туруп келген жерден
Далай сени кечирди.
Мейли оорло, мейли өрттө,
мейли мени эмне кылсаң ошо кыл,
Бир сураарым, өчүрбөгүн сезимди!

*23.11.2020.*

***

Күткөндүр күндөр менден күлкү-шаңды,
Күткөндүр элдер менден жазгы жааңды.
Азыр мен баягыдай күндө өзгөрүп
Ар күнү ар ким болгум келбей калды.

Бир күнү бороон элем ызылдаган,
Бир күнү мээлүүн элем жымыңдаган.
Бир күнү баарын бузуп-бузуп салып
Бир дүйнө издээр элем бузулбаган.

Деңиздин шоокумуна жетеленип,
Делбиреп кетээр элем экиленип,
Көзүмдүн жашы даяр эле анда
Бир көргөн адам турса безеленип.

Чарчадым окшойт, бир күн тынып калдым,
Өзүмчө өзүмдү-өзүм тыйып калдым.
Түбүмө гана тартып түбөлүгүм
Түн сүйүп, түгөл бойдон туюкталдым.

Сыр бербей, сыр бөлүшпөй, көп көрүшпөй,
"Ал андай, мындай адам да" дегизбей.
Мелтиреп гана койгон аял болсом
Шамалдын алы жетпес зор деңиздей.

Күбүлүп түшкөн күнүн мойнуна албай,
Ар дайым эле ушундай койну кардай,
Дарактар сыр беришпей чайпалышат
Апапак бойдон бүткөн өмүрү бардай.
Мен бактылуу дегендер айткылачы?
Деги эле бу бакыттын өңү кандай?

***

Кай бир күнү жалп дей түшөөр бекенбиз,
Кара, бүгүн тирүүлүккө мекенбиз:
Бир ирмеми менен эле кирпиктин
Өмүрдү бүт басып алат экенбиз.

Кай бир күнү калаарбыз да ойгонбой,
Мекен түгүл өзүбүздү ойлонбой.
Үшкүрүгүң эле сенин бүгүнкү
Жашообузга бир жан салып койгондой.

Кай бир күнү учуп кетээр жаныбыз,
Урап түшүп шорубуз да багыбыз.
Азыр колго калчап турат карасаң
Бу дүйнөнү үлбүрөгөн алыбыз.

***

Мага жашоо ушунчалык оор эле,
Дүйнө мага калганындай жыгылып.
Жоголоорум жолдуу күндөй сезилчү
Жолу эч бүтпөй мен жүгүргөн чыгырык.
Аба жетпей турар эле айдыңдан,
Арман чыга берер эле алдымдан.
Таанышкандар дагы чыгып таалайсыз
Болоор эле канаттары кайрылган.
Өзүбүздү тааныбаган жайдан бир,
Күнөөлүүнү издечүбүз кайдандыр.
Кайда гана чачылбады бир дүйнө
Кандай гана жашыбады кайран дил.
Эх жүрөгүм нени гана көрбөдүң,
Болду сенин кайгырчу эсиң түгөндү.
Медер тутуп жаша үйдөгү сүйүүңдү
Мезгил кылып жаша жыргап күлгөндү.
Сүйүш үчүн бул дүйнөнү ойлонбой
Үйрөнүшүң керек жакшы сүйгөндү.

**Классиктер классында**
(Өзүн өзү табуу жолу)

Эмне кылсам мен силерди,
Жанга тынчтык бербеген?
Чынын айтсам
Толуп кетти шишиңер.
Мени кыйнап жиберди
Чын
Мээмди жеген күчүңөр.
Так, так, жок, жок,
болбойт мындай,
Эми ушул күндөн баштап,
Биздин жашоо
Болот мындан башкача.
Мен силерди угуп, сүйүп,
Ээрчип жүрүп жададым.
Мындан кийин
Силер мени угасыңар, жарайбы?
Мен силерди укканымдай
Уккула.
Бул жашоого теңчиликте карайлы.
Ооба билем,
Мен силерге ишенем,
Башкаларга караганда
Силер мени түшүнө да аласыңар.
Балким жакшы чыдамыңды кетирем.
Өлбөйсүңөр,
Чыдап угуп койгула,
Өлбөссүңөр дебедиби
Силерди.
Башкаларды башкарганың жетишет.
Мага андай
Баскынчылык адаттарды койгула.

Кана эми
Келиштикпи?
Сабагыбыз башталды...
Пушкин...
Отур!
Толстой, тынч.
Цветаева, а сен азыр саксаңдабай,
Жанына бар Аннанын.
Сагын сыңар тынч отурсаң болбойбу.
Карачы аны
Кандай гана
Жакшынакай отурат.
Достоевский кайда жүрөт?
Ким менен?
Дагы деле уктап жатат окшойт ээ
Баягы орус кемпиринин үйүндө,
Кир-чаң басып...
Ээ “Идиот”
Жүдөгөн.
Аркы-терки баса бербе, Муканов,
Табылдыдай жакшы атың болгон соң,
Табылгыдай болсоң эмне
Атаң качан сендей тентек киши эле?
“Сүйүп калдым” деп эле,
Кебетеңди карабай,
Эмне болуп кеттиң деги,
Келчи бери, каралдым.
Сенден жакшы адам чыгат.
А сен Исхак Раззаковго
Окшошсуң.
Бүгүн жакшы бир чыгынып өзүңдү
Күзгүдөн бир сени жакшы карагын.
Тиги бурчту ээлеп аалып
Чыңгыз эми мени укпай, эмне кылып отурат?
Бери кара,
Айтматов!

А сен эми караганда буларга
Эсиң кирип калбадыбы, капырай?
Бүт кыргызды ыйлатыпсың өткөндө,
Анан дагы алардын
маңкурт болуп калгандыгын айтып салып өзүнө,
кайра аларды жооткотуп коё албай
басып кеткен жоругуң бу жакшы эмес.
Ошол бойдон чөгүп жүрөт,
Эй, эмкиде андай курчтук кылбай жүр,
Адам деген көңүлү гүл,
Кубулуш да жайнаган.
Тур, тургун да кайра барып,
Сооротkун да,
“Силер жакшы адамсыңар” деп келгиниң
кайрадан.
Тык, тык, тык, тык!
- Дагы кимиң калдың эми кечигип?
Шаша-буша чачын артка кайра салып,
Сыртынан түк билгизбей
А ичинен кирген суудай алкынып
Келатабы Раев?
- Не кечиктиң, тура тургун доскада.
- Чыңгыз кечээ бир иштерди аягына чыгар деп,
Мени жумшап койду эле
Калдым шого кармалып...
- Эмне болду, Чыңгыз сабап койгон чоңдор
каякта?
Алар бир аз эске келип калдыбы?
Же сен дагы андан бетер эрдемсип
Биротоло колго берип жазасын
Палван колуң дагы сабап салдыбы?
Ай эссиздер!!!
Эмне кылсам силерди?
Адамды сен эч, эч качан,
Тилдеп атып адам кыла албайсың.
Аларды эми мындан кийин

Макташ керек көкөлөтүп,
Жанын жакшы сергитип.
Жакшы жагын айта бергин, дей бергин
Дилин эзип эргитип.
Кайгырба да, кайгысын да эстетпе,
Анан дагы жетпегенин эстетип
Алкын бузуп ар кайсыны көксөтпө?
Карагыла мени балдар,
Мындан кийин
Кайгыртпайбыз,
Урушпайбыз эч кимди,
Мындан ары таарынтпайбыз,
"Сен жаман" деп, "сен шүмшүк" деп,
Сала бербе тепкиңди.
Көрбөй эле койгулачы,
Көрсөңөр да айтпагыла эч кимге
Батып аткан кеч күндү.
Ансыз деле араң жүрөт адамдар,
Сенсиз деле билет алар жамандыгын,
Жаңылыштык кетиргенде күнөөсүн.
А сен неге аны дагы
Андан ары
Басып салып жүрөсүң?
Билем, билем мен силерди
Аларды бүт
Дүйнөң менен сүйөсүң.
Анан аны оңдосом деп
Ачык айтып күйөсүң.
Азыр эми,
Балдар, мындай,
Дүйнө бүгүн башкача,
Ичтен жинде, ичтен сызда,
Бирок аны жанга жагым сөз менен
жалооруп айт адамга.
Жаралуу бүт, жаралуу бүт, бүт аалам

Жакшы сөздөн башка сөздү укпай калган
заманда.
Мактоо менен гана эми
Келечекке барбасак
Андан башка айла жок,
Эми аларды тилдегенден пайда жок.
Мен силерге муну эмнеге
Какшап айтып отурам?
Азыр мени укпайт эми эч кими,
Силерди угуп көнүп калган адамдар.
Силер айтып жеткиргиле оюмду.
Силер созуп жеткиргиле
Адамзатка сунулган ак колумду.
Мен силерди уга берип, ээрчий берип,
Жедеп көнүп бүтүптүрмүн
Укпаганга өзүмдү.
А бүгүн мен силер менен угуп көрдүм
Көкүрөктө сөзүмдү.
Дили тирүү адамзаада
Бир нерсени айтыш үчүн келеттир.
Силер мени түшүндүңөр,
Уга алдыңар, уктуңар.
Балким бул да силердей
ким бирөөнө керектир...

## Ой, баары бир мен жүргөн жер жакшыраак

Тээ чокуда болуп жатат эмнелер?
Мен да барсам болот эле бир жолу.
Анда балким адамдар да бактылуу
Анда балким бийик чыгар ойлору.
Чет өлкөгө кетсем дегем бир жылга,
Оо ал жакта жашоо сонун дешет го.
Бирок, кетсем кими күндө суу куят
Үмүт артып тиккен жазгы көчөткө?
Жаш кезиме кайра да бир барамбы?
Неге жүрөм, билбейм, кырктын айлында.
Бир унчукпай келип кетет түгөнгүр
Уяты жок экен жылдын, айдын да.
Эми кайда барсам экен, эй өмүр?
Батпай калдым окшойт а мен эч жерге.
Менде бирок көп тилектер, кыялдар
Менде бирок жакшы күн көп эстээрге.
“Жаша” дейсиң, мейли жашай берейин,
Кайда качмак элем, ооба, бактыман.
Кантип эле жакшы күндөр жашынып
Кантип эле качып кетсин жакшыдан.
- Бирок, Кыял, эс токтотуп ойлосоң,
Сен жок жердин сага кандай кереги,
Сен бар үчүн бүгүн дүйнө ак чырак!
- Балким бейиш дагы азыр жакшы эмес,
Ооба, чындап мен жүргөн жер жакшыраак!
- Өткөн күн да, келээр күн да даамы жок
Ооба азыр, азыркы учур таттуураак!
- Күтүрөгөн күз келиптир күлмүңдөп,
Чекесине жылдыз уурдап тагайын.
Ноябрдын жылаңайлак бул кечин,
Жадыраган жазга бербей калайын...
Оо баары бир мен жүргөн жай жакшыраак.

***

Эмгегиңди танып кетип бетпактар,
Эшек кылып койгон күн да өтөттүр.
Менде чындык, жетпесе да адамга
Оо жараткан, сага үнүм жететтир.

Унчуга албай калдым тилим буулуп,
Кашкайта бир калп айтканда бир долу.
Ооба, менин ички бейпил көңүлүм
Талаш үчүн жаралбаган болгону.

Ал үчүн мен уялдым да өлгөндөй,
Баш ийкедим, ичтен башым чайкадым.
Жеңдим деди ал да байкуш ичинен
Бир жакшылык кылганымды байкадым.

## Адам – парадокс

Кайгы көргөн сайын адамдар,
Кара жерге жайып тамырын.
Бир солк этпес болуп алышат.
Бир бакыттан башка билбеген,
Көңүл жандар көлдүн үстүндө,
Камгак болуп каалгып калышат.
Мына сага адам - парадокс!
Жакшы көрүп алсыз бакытты,
Жек көрүшүп катаал кайгыны.
Жашайт жашоо эмне түшүнбөй.
Ойлонгонго жетпей чамасы,
Айдак өмүр менен алышат
Куран, теспе колдон түшүрбөй.
“Жыргаба!” дейт дини колго чаап,
“Ырдаба!” дейт бири ойго чаап,
Бирок беш маал тилейт жакшылык.
Бейпил болсо дейт да бир жүрөк,
Таза дилди издейт, а бирок
Ичсе болбойт жыргап-каткырып?..
“Сүйгүлө” деп коюп адамды,
Сүйүп калган жанды “тозокко,
түшөсүң” деп турат коркутуп.
Адамдын бир жалгыз жарыгы -
Эргүү, эңсөө, кумар, махабат
Шайтан имиш, турат кор тутуп.
Мына сага адам-парадокс!
Адам, адам, байкуш адамым!
Бир жөн эле жаны далбаса,
Деги пенде неге жаралды?
Бир жаны эргип жашай албаса.
Урдум сени жашоо-дарбаза!!!

***

Эй сен адам, ким экениң билгенде,
Баш оорутпай жашаар элең эртеңге.
Жүз көрүшүп турар болсоң өзүңө
Жүктү сезбей жашамаксың желкеңде.

Сен өзүңдү коюп коюп бир четке,
Дениң менен түшкөн үчүн күрөшкө.
Тагдырың оор, турмушуң оор, оюң оор
Жарышасың жаның сыйбай мүнөткө.

Чебеленип ченеп-бычып жакшыңды,
Талашасың өмүрүңдү ташкындуу.
Аалам болуп кетсе экен деп тилейсиң
Асыл мүнөз аз өмүрлүү аз күндү.

Сыпаа келген сый мезгилди кыйратып,
Алганың чың, өзүңдү-өзүң ыйлатып.
Алаары жок, берээри көп бир ыйык,
Адам өзүн тааныганы зор бакыт.

***

Калп айтпасам экен бүгүн өзүмө,
Жакыныма, жадыраган көзүнө.
Мейли, буга алым жетпей баратса -
Жок дегенде жараткандын өзүнө.

## Акын кызга

Купуя бир дүйнө күтүп сезимче,
Бийик тартып бир кудайдын көзүнчө.
А жарыктык, өзү билбей анысын
Жашап жүрөт бир акын кыз өзүнчө.

Экиленбейт, эч кимине эстелбейт,
Оо ал ушу дүйнө менен чектелбейт.
Ага тийген жарык - бакыт, а бирок
Анын бакыт экенинен шектенбейт.

Баёо жаны батат күндө кайгыга,
Баарын көрдү – жокту дагы, барды да.
Бүтпөс өмүр, бүтпөс арман таап алды
Бүт ырысын ырга арнап салды да.

Билээр эле адам жалгыз экенин,
Жалгыз жашайт, жалгыз жалгайт өзөгүн.
Жалгыздыгы анын жалгыз мекени
Күтпөйт анан күнүн дагы, кезегин.

Кудай менен кужурашып күнү-түн,
Курап чыгат күйүтүн да, үмүтүн.
Жанын кыят эмеспи эми бир күнү
Жарата албай койгон жалын ыр үчүн...

Бул дүйнөнүн ак сезимин көтөргөн,
Бактылуу бол, оо акын кыз, көшөргөн.
Билем, дүйнө табат бир күн өмүрүн
Сенин жарык түбөлүктүү көчөңдөн.

## Сен экөөбүз

Кайра баштан бүгүн дагы таң атты,
Жылдан-жылга биздин таңдар
Каадасыз да, кайдыгер.
Биздин мээдей ойлонгондон жадаган
Эшиктеги аппак калган жерди көр.
Таппай калып түн сыяктуу укмушту
Жек көрөбүз жарыкты.
Билбейбиз да,
Ооба ошо билбейбиз
Бүгүн дагы кайда, кимге барышты...
Анан калса
Бир кебелбей
Өлүм издеп коебуз,
Өлүп көргөн кишидей...
Ушул эми
Адам болоор
Жандын кылаар ишиби эй?!
Ээ жарыгым,
Сен экөөбүз издеп жүрүп себебин
Түп маанисин бул дүйнөнүн жаралган,
Ойлонбой таап албадыкпы
Адатты
Бар нерсеге карарган.

Бизге укмуш байлык болуп сезилген
Ким бирөөнүн жакшы берген саламы.
Кызык болду өзүбүздүн сүйүүдөн
Бирөөлөрдүн жакшы көргөн адамы.
Жүрөгүнө сүйүү батпай эзилген,
Ким бирөөнүн делбиреген абалы.
Анан дагы жакшы акындын
дүрмөттөлгөн саптары.
Апендидей жоруктары, укмуш жарык жактары.
Ээлик кылып алаар элек буюмдай

Жакшы адамды көрүп калсак көчөдөн.
Жагаар эле сага дагы, мага да
Өчүп бара жаткан отту көзөгөн.
Жамгыр болуп көрдүк далай төгүлүп,
Жашоо бизге
Ай-талаада
Айдоо сымак көрүнүп.
Дыйкан болдук
Калем - күрөк-кетмени,
Бирок биздин үмүт дагы, тилек дагы
Кыял да
Адамзаттын жүрөгүнө жетпеди...

Аялзаты үйдү үй кылып бөз жыйса,
Жутагансып а биз шордуу сөз жыйдык.
Курбу-курдаш
Эртеңки укмуш көрөр күнүн кеп кылса.
А биз такыр
Кереги жок, тиешесиз эч кимге
Өлгөндөрдүн акыл-эсин сөз кылдык.
Аял сымак биз деле
Уул төрөдүк,
бирок аны
Эне болуп бакпадык.
Баш оорутпай үйдөгү үйдөй азапка
Баш оорутуп жалпы адамзат шоруна
Өзүбүздү өзгөлөргө сактадык.
Тууган деле, катыш деле күтпөдүк,
Бирок аалам тагдырына түтпөдүк.
Андан деле мөөрөй ала албадык.
Биз ушинтип
Бул жалганга
Кайра-кайра алданып,
Жакын-алыс, жакшы-жаман биригип
Издеп жүрсө акча, оокат, атак-даңк.
Биз аларды мазактап,

Арты арман, ала салган
Сүйүү издедик шүмшүйүп.
Биздин ушул эрдикти
Кудай деле билген жок,
Карамүртөз турмуштан
Калдык анан
Каалгадай түртүлүп.

Сенин таза, менин таза көңүлүм -
жакшы обон, жакшы ыр,
Мезгил эмне түшүнбөгөн, билбеген.
Мен мөңгүдөй тунук элем
Сен апапак булут элең
Өзөгүнөн бийлеген.

Эй каралдым,
Сенде үч эркек,
Менде үч эркек,
Эртең куда күтсөк, алар
Көрөр бекен, билер бекен,
биз жыйнаган байлыкты?!
Көмкөрүлгөн көр дүйнөнүн астында,
Көзүбүздө аман калган жарыкты?!.
Ушуну ойлоп
Үнүм жаман кардыкты...
Күлкүм келет,
Бизди ким деп ойлоор экен адамдар?
Бир көргөндө жан бар бекен түшүнгөн,
Дүйнөбүздү
Ала-Тоого барабар?
Өлгүм келет,
Өлгүң келет,
Адамдарды сен анчалык
Кенен-кесир ойлобо.
Сен экөөбүз өлгөндө
Ала-Тоону көөмп туруп,

Кылып коёт бир дөбө.
Сен экөөбүз өлө албайбыз жакшысы,
Мага сен бар, сага мен бар башкысы.

Кайра баштан бүгүн дагы таң атты,
Жылдан-жылга биздин таңдар
Каадасыз да, кайдыгер.
Биздин мээдей ойлонгондон жадаган
Эшиктеги аппак калган жерди көр.

*17.12.2025.*

***

Баш-аягын билип алган үчүнбү?
Көп коротпой калдым эми күчүмдү.
Ушунчалык зеригиштүү ээ баары
Ким өмүрдү дагы мендей түшүндү?

## Мазмуну

Ыр....................................................................3
Сага ..................................................................4
Бизди билбей жоготуп албасын деп... ..............8
Сезимге .........................................................10
Сүйүү анты ......................................................11
Жооп...............................................................23
Кайгырба, аялзат!............................................24
Оо сезим! .........................................................25
Тилек ...............................................................28
Бу дүйнө канча жашта? .................................29
Сен баары бир жалгызсың ............................30
Орозодо ...........................................................31
Ошондо ...........................................................34
Шашпачы ........................................................35
Жакшы сөз ......................................................36
Кудай жана музыка ........................................39
Аял алсыздыгы................................................40
Коштошуу .......................................................44
Сагындым .......................................................45
Баатырга..........................................................52
Ички күч ..........................................................53
Мөндүрдө ........................................................56
Билгем!.............................................................62
Көчөдөгү замандашка ....................................63
Себепсиз бактылуу болгула ...........................64
Табиятка .........................................................65
Тагдыр деле сага муктаж макулук.................66
Ажалга ............................................................69
Ушундай..........................................................73
Табылуу ..........................................................78
Кучактачы .......................................................82
Калемдешке ....................................................88
Классташыма...................................................90
Айсулуунун ыры .............................................97

Кубанганда....................................................99
Агаруу ........................................................103
Жакпайт мага...............................................105
Эне тили буларга эмне кылды?.....................106
Суроо...........................................................108
Кадыр ..........................................................109
Бирин-бири ..................................................110
Жердин өзү макулбу, сурагыла!...................112
Пейил кудурети ...........................................114
Бакыт, сени байкабасам кечиргин!..............115
Өзүмдү өзүм тарбияга чакырганда .............117
Өзгөргүсү келе берген адамга......................120
Эне тилдин сөзү ..........................................122
Азыр жаша...................................................124
Жүрөк оор....................................................126
Классиктер классында ................................130
Ой, баары бир мен жүргөн жер
жакшыраак...................................................135
Адам – парадокс .........................................137
Акын кызга ..................................................139
Сен экөөбүз .................................................140

Редактор: Жыргалбек Касаболот
Корректор: Асел Кенжебек кызы
Компьютердик беттөө: Саалиева Ж.
Басууга берилди: 04.02.2026
Форматы: 60/84, 9,25 басма табак
Нускасы: 1000 экз.
Басылып чыкты: типография «Арип-Пресс»